Жума,
2026-жылдын
5-июну
№41 (3801)

# Эркин-Тоо

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

www.erkin-too.kg



# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭЛ АРАЛЫК АБРОЮ ЖАҢЫ ДЕҢГЭЭЛДЕ

3-БЕТТЕ

## БУЛ САНДА:



Мирлан ДЫЛДАЕВ:

### “МАМЛЕКЕТТИН КОЛДООСУ – ТЕРЕҢ БИЛИМДИН КЕПИЛДИГИ”

5-БЕТТЕ



Жээнбүбү ТУКЕНДЕРОВА:

### «“ЭРКИН-ТООДО” МЫКТЫ ИНСАНДАР МЕНЕН ИШТЕШТИМ»

7-БЕТТЕ

# Курулушчулар эми инфраструктураны да колго алат



***Бишкекте жана өлкөнүн башка аймактарында жаңы курулган көп кабаттуу үйлөрдүн айланасы эми кароосуз калбайт. 1-июндан тарта курулуш компаниялары объектилерди куруп бүткөндөн кийин анын айланасын толук көрктөндүрүп, жашоого ыңгайлуу шарт түзүүгө милдеттүү.***

Тиешелүү маалыматты Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлиги билдирди.

Жаңы талаптарга ылайык, курулуш компаниялары имаратты гана тургузуп тим болбостон, анын айланасындагы инфраструктураны да толук бүтүрүп тапшырышы керек. Атап айтканда, кирүүчү жолдорду жана ички өтмөктөрдү куруу, тротуарларды уюштуруу, автоунаа токтотуучу жайларды түзүү, тышкы жарыктандыруу системаларын орнотуу жана жашылдандыруу иштерин жүргүзүү каралган.

Мындан тышкары, жаан-чачын сууларын агызуучу системаларды куруу, оор жүк ташуучу техникалардан улам бузулган жолдорду калыбына келтирүү жана курулуш маалында жөө жүргүнчүлөргө жаралган ыңгайсыздыктарды жоюу дагы милдеттүү талаптардын катарына кирди. Министрлик бул кадам шаарлардын көркүн арттырып, тургундар үчүн коопсуз жана ыңгайлуу шарт түзүүгө багытталганын белгиледи.

Ошондой эле мындан ары Шаар куруу жана архитектура департаменти долбоорлорду кароодо көрктөндүрүү талаптарынын толук камтылышын көзөмөлдөйт. Ал эми Мамлекеттик архитектура-курулуш көзөмөлдөө департаменти курулуш иштеринин сапатына жана алардын өз убагында аткарылышына тыкыр мониторинг жүргүзөт.

«Эркин-Тоо” пресс

ЭРКИН-ТОО

гезитине 2026-жылдын 2-жарым жылдыгына жазылууну унутпаңыз!

**Гезитке жазылуу баасы почта кызматын кошкондо 6 айга:**

***которуу жолу жана накталай төлөө жолу менен – 2115 сом 60 тыйын***

**Индекс: 68451**

**КРнын Нормативдик акты журналына жазылуу баасы 6 айга:**

***которуу жолу жана накталай төлөө жолу менен – 7455 сом 24 тыйын***

**Индекс: 77347**

*(Жазылуу боюнча +996 (555) 272-359 телефонуна кайрылыңыздар)*

*Жазылуу бардык почта түйүндөрүндө жүргүзүлүп жатат*

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ИШ ЖУМА

# БИЗ БУУнун ЖАҢЫ ТАРЫХЫН ЖАЗУУГА КАТЫШАБЫЗ

***Мындай пикирин Президент Садыр Жапаров социалдык түйүндөгү баракчасы аркылуу билдирди. Мамлекет башчысы өз куттуктоосунда БУУга мүчө мамлекеттердин башчыларына кайрылып, 2026-жылдын 3-июнунда алардын колдоосу аркылуу Кыргыз Республикасы 2027–2028-жылдарга Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Кеңешинин туруктуу эмес мүчөлөрүн шайлоодо тарыхый жеңишке жеткенин, Кыргызстан бул жеңишти эл аралык коомчулуктун жогорку ишеними, БУУнун бардык мүчө мамлекеттеринин алдындагы чоң жоопкерчилик катары кабыл аларын жарыялады.***

Президент БУУнун Коопсуздук Кеңешине мүчө болгон мезгилде Кыргызстан эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту чыңдоого, чыр-чатактарды алдын алууга, превентивдүү дипломатияны өнүктүрүүгө, талаш-тартыштарды тынчтык жолу менен жөнгө салууну колдоого, эл аралык тутумда чакан жана өнүгүп келе жаткан мамлекеттердин ролун күчөтүүгө, глобалдык коопсуздуктун контекстинде климаттык, суу, тоолуу аймактарга байланышкан жана экологиялык чакырыктарды эске алууга багытталган артыкчылыктарды ырааттуу илгерилетүүгө ниеттенерин жашырган жок. “Кыргыз Республикасы шайлоо өнөктүгүнө татыктуу катышканы жана Бириккен Улуттар Уюмунун принциптерине берилгендик жана өз ара урматтоо духунда өткөн конструктивдүү атаандаштыгы үчүн Филиппин Республикасына өзгөчө ыраазычылык билдиребиз” - деп ыраазычылыгын билдирген Садыр Жапаров БУУга мүчө мамлекеттердин башчыларына эң жогорку урмат-сыйын, ал эми элдерине тынчтык, бакубатчылык жана гүлдөп-өнүгүү каалады.

# “КЫРГЫЗСТАН ДҮЙНӨЛҮК МАСЕЛЕЛЕРДИ ЧЕЧҮҮГӨ КАТЫША АЛАТ”



***Кыргызстандын БУУдагы Коопсуздук Кеңешинин туруктуу эмес мүчөсү катары өз ордун пайда болгону өтө чоң жеңиш экенин Жогорку Кеңештин Төрагасы Марлен Маматалиев билдирди.***

Төрага жалпы кыргызстандыктарды тарыхый жеңиши менен куттуктап, бул жеңиштин аркасында чоң эмгек турарын белгиледи. Анын айтымында, эми Кыргызстандын масштабдуу дүйнөлүк маселелерди караого катышуусуна, өз маселелерин да чечишине аянтча түзүлөт. “Акыркы 5 жылда Президент Садыр Жапаровдун жетекчилиги астында мамлекетибиз өнүгүүгө бет алды, экономикалык өсүштөрдү эл аралык каржылык институттар, башка мамлекеттердин лидерлери айтып жатат. Мамлекет башчысынын тышкы саясатты тең салмактуу жана жигердүү жүргүзгөнүнөн улам мына ушундай жетишкендиктерге жетип жатабыз. Бул жумуштун аркасында чоң эмгек турат. Албетте, мамлекетибиз дагы да абройго ээ болот, масштабдуу дүйнөлүк маселелерди карого катышып, өз маселелерибизди чечкенге да аянтча түзүлөт. Өлкөнүн туристтик потенциалына, инвестиция тартууга жакшы өбөлгө түзүлөт” - деген пикирин билдирди.

# МАДАНИЙ БОРБОРЛОРДУ АЧУУ ТАЛАБЫ КОЮЛДУ

***“Маданиятсыз эл болбойт, биз өз маданиятыбызды өзүбүз сактап калышыбыз керек”. Мындай пикирин Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Улан Маматканов “Ачык кабинет” долбоорунун алкагында журналисттерге берген маегинде билдирди.***

Анын айтымында, бизге башка жактын маданиятын таңуулаган учурлар болгон. Бирок, азыр Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги тарабынан бул жаатта чечкиндүү иш-аракеттер жүргүзүлүп жатат. “Маданият тармагы акыркы жылдары жакшы багытка өзгөрүүдө. Маданият кызматкерлеринин маянасы жогорулап, театр, маданият үйлөрү курулуп, оңдолууда. Анткени, буга чейин биздин театрлар жана маданият үйлөрү каралбай калган. Учурда мугалим, дарыгер жана маданият кызматкерлеринин турак жай маселеси чечилген” - деди МинКаб Төрагасынын орун басары. Акыркы жылдары жакшы мюзиклдер тартууланып, кино жаатында да жакшы өзгөрүүлөр болуп жатканын белгилеген Улан Маматканов “биз Алайда жана Кара-Кулжада “Маданий борбор” деп бир имараттын ичинде кинотеатр, китепкана, компьютер залы иштеген борборлорду ачтык. Мында келген жарандар каалаган багытында убакыт өткөрсө болот. Азыр башка райондордо да ушундай борборлорду ачуу талабы коюлду” - деген жагымдуу маалыматтары менен бөлүштү.




# “ЭЛДИК БАНКТЫН” ЖАҢЫ ИМАРАТЫ АЧЫЛДЫ

***Президент Садыр Жапаров Кыргызстандагы аманат ишмердигинин 100 жылдыгын белгилөөгө жана “Элдик банктын” жаңы имаратынын ачылышына арналган салтанаттуу иш-чарага катышты.***

“Бүгүн өлкөбүздүн бүтүндөй банк системасы үчүн маанилүү күн болуп турат. Бүгүн биз эки маанилүү окуяны — Кыргызстандагы аманат ишмердигинин 100 жылдыгын белгилөө менен бирге “Элдик банктын” жаңы имаратын ачканы турабыз. Бири-бирине төп келген эки окуя ары символикалуу, ары тарыхый мааниге ээ. Бүгүн бир кылымдык жол арбыткан аманат ишмердигинин улантуучусу дал ушул “Элдик банк” болуп саналат. Ушундан улам, алгач баарыңыздарды, айрыкча банк системасында эмгектенгендерди бүгүнкү тарыхый күн менен чын дилимден куттуктаймын!” - деди Президент куттуктоо сөзүндө.

Өлкө башчысы белгилегендей, “Элдик банктын” жаңы имаратынын ачылышы – мамлекетте болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн жана өнүгүүнүн белгилеринин бири. “Демек, бул жөн гана жаңы имарат эмес. Бул – алдыга ишенимдүү кадам таштап жатканыбыздын көрсөткүчү” - деди Садыр Жапаров. Президент кошумчалагандай, учурда “Элдик банк” – өлкөнүн эң ири банктарынын бири. Ал – 80 миллиард сомдон ашык капиталы бар каржы институту, мамлекеттин стратегиялык өнүгүү милдеттерин ишке ашыруучу банк.

# КАСЫМАЛИЕВ ЭЛ АРАЛЫК КӨРГӨЗМӨДӨ

***Бишкек шаарында ачылган “Ala-Too Trade & Industry Expo 2026” эл аралык өнөр жай көргөзмөсүнө Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев жеке өзү катышты.***



Анда ал ишканалардын жетекчилери жана көргөзмөнүн катышуучулары менен баарлашып, өзгөчө көңүл өнөр жай, машина куруу, энергетика, курулуш, транспорт жана жогорку технологиялар тармактарындагы келечектүү долбоорлорго бурулду. Учурда ШКУга мүчө мамлекеттердин көргөзмөсү расмий ачылды. Иш-чарага Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстан, Россия, Беларусь, Кытай өлкөлөрүнүн 50дөн ашуун өндүрүүчү компаниялары катышууда. Бул эл аралык көргөзмө B2B жана B2G платформаларында өтүп, өндүрүүчү, жеткирүүчү жана сатып алуучулар ортосунда сүйлөшүүлөр жүргүзүлөт. Кыргызстандын ШКУдагы төрагалыгы алдында өтүп жаткан бул көргөзмө 6-июнга чейин уланмакчы.

# АМАНГЕЛДИЕВДИН ПЕТЕРБУРГГА САПАРЫ

***Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басары Данияр Амангелдиев Петербург эл аралык экономикалык форумунун алкагында өткөн “Кыргызстан-Россия” бизнес-диалогунда сөз сүйлөдү.***

Ал өз сөзүндө Кыргызстандын бул форумга биринчи жолу толук кандуу катышуусунун өзгөчө маанисин белгилеп, форумдун экономикалык байланыштарды өнүктүрүү, инвестицияларды тартуу жана келечектүү долбоорлорду ишке киргизүү үчүн ири эл аралык аянтчалардын бири катары ролун белгиледи. Данияр Амангелдиев Кыргызстан менен Россия стратегиялык өнөктөш жана союздаш экенин белгилеп, эки өлкөнүн кызматташтыгы учурда салттуу соода-сатыктын чегинен чыгып, өнөр жай кооперациясына, биргелешкен ишканаларды түзүүгө, ишканаларды локалдаштырууга, ири инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууга көбүрөөк багытталгандыгын билдирди.

Кыргызстан туруктуу экономикалык өсүштү сактап, өнөр жай, курулуш, кызмат көрсөтүү, санариптик экономика жана транспорт инфраструктурасы жигердүү өнүгүп жатканын белгилеген Данияр Амангелдиев негизги артыкчылыктарга реалдуу секторду өнүктүрүү, капиталдык салымдарды тартуу жана заманбап технологияларды киргизүү кире турганын билдирди. Бул жыйында Данияр Амангелдиев Кыргызстандын инвестицияга жана узак мөөнөттүү өнөктөштүккө ачыктыгын ырастады.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

ИЙГИЛИК ЖОЛУНДА



# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭЛ АРАЛЫК АБРОЮ ЖАҢЫ ДЕҢГЭЭЛГЕ ЧЫКТЫ

Кыргызстан эли үчүн өзгөчө кубанычтуу жана тарыхый мааниге ээ окуя болду. Өлкөбүз эл аралык аренада чоң ийгиликке жетишти. Кыргызстан 191 өлкөнүн ичинен 142 мамлекеттин колдоосу менен БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 2027–2028-жылдардагы туруктуу эмес мүчөлүгүнө шайланды. Эми Кыргызстан 2027–2028-жылдары дүйнөлүк тынчтыкты жана коопсуздукту камсыз кылууга багытталган маанилүү чечимдерди кабыл алуу процессине түздөн-түз катышат. Бул өлкө тарыхындагы эң ири дипломатиялык жетишкендиктердин бири болуп калды.

Мындай колдоо дүйнөлүк коомчулуктун Кыргызстанга көрсөткөн ишениминин, өлкөнүн эл аралык аренадагы кадыр-баркынын жана акыркы жылдардагы саясий-экономикалык багытынын жогорку баасы катары кабыл алынууда.

Чынында эле акыркы жылдары Кыргызстан эл аралык деңгээлде активдүү жана көп векторлуу саясат жүргүзгөн мамлекет катары өзүнүн ордун бекемдеп келди. Өлкө Борбор Азиядагы чек ара маселелерин тынчтык жолу менен чечүүгө жетишип, суу ресурстары, климаттык коопсуздук, тоолуу аймактарды өнүктүрүү жана санариптик трансформациянын боюнча бир катар маанилүү демилгелерди көтөрдү. Бул багыттардагы дипломатиялык активдүүлүк Кыргызстандын эл аралык диалогдогу ролун кеңейтип, регионалдык туруктуулукка салым кошкон мамлекет катары позициясын күчөткөнүн көрсөтө алды.

Бул процесстердин өзөгүндө өлкө башчысы Садыр Жапаровдун жүргүзүп жаткан реформалык саясаты турат. Анын БУУ, ШКУ, Түрк мамлекеттер уюму, ЕАЭБ жана башка эл аралык аянтчалардагы активдүү катышуусу жана кайрылуулары Кыргызстандын үнүн глобалдык деңгээлде угузууга шарт түздү. Айрыкча санариптик өнүгүү, жасалма интеллект, энергетикалык коопсуздук жана аймактык кызматташтык боюнча көтөргөн демилгелери, өлкөнү заманбап трансформациялык процесстерге шайкеш өнүгүп жаткан мамлекет катары көрсөттү.

Албетте, буга кошумча өлкөнүн ички өнүгүү динамикасы да бул эл аралык ишенимдин бекемделишине түздөн-түз таасир этпей койгон жок. Акыркы беш жылда Кыргызстанда туруктуулук күчөп, экономика олуттуу өсүш траекториясына чыкты. Ички дүң продукция 2 триллион сомго жакындап, консолидацияланган бюджет 2020-жылдагы 247 миллиард сомдон 2025-жылы 1 триллион сомдон ашып тарыхый деңгээлге жетти. Бул көрсөткүчтөр өлкөнүн каржылык мүмкүнчүлүгү кеңейип, мамлекеттик институттардын натыйжалуулугу жогорулаганын ачык айгинелейт. Мындан тышкары, мамлекеттик карыздын ИДПга болгон катышы 68%дан, 41%га чейин төмөндөп, ал эми алтын-валюта резервдери 9 миллиард долларга жетти. Бул факторлор Кыргызстандын финансылык туруктуулугун бекемдеп, эл аралык инвесторлордун ишенимин арттырды. Мамлекеттик каражаттар мурдагыдай күнүмдүк керектөөлөргө эмес, стратегиялык маанидеги энергетика, жол инфраструктурасы жана өндүрүштү өнүктүрүү сыяктуу ири долбоорлоруна багытталa баштады.

Эл аралык деңгээлде Кыргызстан “динамикалык өнүгүү жолундагы өлкө” катары бааланып, айрым глобалдык каржы институттары тарабынан Борбор Азиядагы эң ылдам өсүп жаткан экономикалардын бири катары көрсөтүлдү. Эл аралык валюта фонду жана “Дүйнөлүк банк” өлкөнүн өсүш динамикасын жогору баалап, ал эми эл аралык медиа платформалар Кыргызстанды “жаңы өнүгүү траекториясына чыккан мамлекет” катары мүнөздөп келет.

Айрым учурларда өлкөгө байланыштуу сөз эркиндиги же айрым институционалдык реформалар боюнча сын-пикирлер айтылып келгени менен Кыргызстанды БУУнун Коопсуздук Кеңешинин туруктуу эмес мүчөсү катары шайлоодо 142 мамлекеттин, анын ичинде Европа жана Батыш өлкөлөрүнүн да колдоо көрсөткөнү эл аралык ишенимдин кеңири экенин мактануу менен айтсак ашыктык болбойт. Эгер, өлкөнүн эл аралык бедели кай бир серепчилердин божомолдуу айтып жатканындай чындап алсыраган болсо, мындай масштабдагы дипломатиялык колдоого жетишүү мүмкүн эмес экени ким болбосун түшүнүктүү.

Бул шайлоо Кыргызстанды жөн эле эл аралык уюмдун мүчөсү катары эмес, глобалдык чечимдерди кабыл алуу процесстерине салым кошо ала турган жоопкерчиликтүү, тең салмактуу жана прагматикалык мамлекет катары таанытууга жол ачаары турган иш. Ошондой эле бул Борбор Азия регионунун эл аралык саясаттагы салмагы өсүп жатканын жана аймактын үнү дүйнөлүк деңгээлде барган сайын маанилүү болуп бара жатканын тастыктады.

Албетте, 142 мамлекеттин ишеними башта белгилеп кеткендей, Кыргызстандын дипломатиялык багыттагы жеңиши эле болбостон, өлкөнүн акыркы жылдардагы экономикалык секиригинин, институционалдык бекемделишинин жана эл аралык саясаттагы активдүүлүгүнүн натыйжасы экендигин, Кыргызстан кыска убакыттын ичинде туруктуу өнүгүү жолуна түшүп, модернизацияланган мамлекет катары дүйнөлүк саясатта өз ордун бекемдеп жатканын көрсөттү.

Мындай жетишкендик Кыргызстандын мамлекет катары жетилгендигин, эл аралык системада өз ордун тапканын жана дүйнөлүк деңгээлдеги жоопкерчиликтүү өнөктөш катары таанылганын тастыктаган тарыхый бурулуш болуп, жаңы секириктерге кол жеткирди.

**Күнболот МОМОКОНОВ**

АЙЫЛ АРАСЫНДА



***Мамлекеттик башкаруудагы ротация саясатынын эпкини жетекчилер арасынан негедир Канболот Мусаевичке көбүрөөк тийгендей сезилет. Кара-Кулжа, Ноокат, Ысык-Ата, кезегинде Нарын калаасынын жетекчилик кызматында белсемдүү эмгектенген маектешим, күнү бүгүн Кеминде эмгектенип, аталган аймактардын баарынан күйөрмандарын топтоого жетишкен. Район жетекчиси менен ал-абал сурашканча айрым соболдорума жооп алганга жетиштим.***

*Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы, аким **Канболот ТУТУЕВ:***

# “ЭЛИБИЗ ЖЫЛУУ МАМИЛЕГЕ МУКТАЖДЫГЫН БАЙКАДЫМ”

**– Канболот мырза, жергиликтүү жетекчилердин эл менен жолугушуусунан жетекчи катары кандай жыйынтык чыгарудасыз? Элге материалдык дүйнөдөн сырткары дагы эмнелер керек экен?**

– Өзүңөргө белгилүү болгондой Урматтуу Президентибиз Садыр Нургожоевичтин тапшырмасы менен облусубуздун башчысы келип, жер-жерлерде эл менен жолугушууларды өткөрдүк. Сары-Өзөн аймагы боюнча облус жетекчисинин жергиликтүү эл менен биринчи жолугушуусу дал ушул биздин Кемин районундагы ар бир айыл өкмөт, шаарларда башталды. Жергиликтүү эл тарабынан айтылган суроо-талап, сунуш бергендер менен жеринде жолугушуп, көзмө-көз да сүйлөшүп кайттым. Ушул күндөрү жергиликтүү элге эң ириде мамлекеттик муниципалдык кызматкерлердин жылуу мамилеси керек болуп жаткандыгын байкадым. Айрым учурларда жергиликтүү элге мамлекеттик кызматкерлер орой мамиле кылып койгондуктанбы, эл менен жолугушууда жарандарыбыз ушундай көрүнүшкө катуу капа болушканын билдиришти. Карапайым элибиз мамлекеттик кызматкерлердин жылуу мамилесине өзгөчө муктаж экендигин бул сапар жетекчи катары даана байкадым.

**– Райондо жалпысынан дотациядан чыга элек канча айыл өкмөтү бар? Мындай катмардагы айыл өкмөттөрдү канча жылда дотациядан чыгаруу планыңыздарда бар?**

– Кемин районунда жалпысынан 4 ири айыл өкмөтү менен райондук маанидеги 2 шаар бар. Ушул 4 айыл өкмөтүбүздүн менен 2 шаарыбыз тең толугу менен бүгүнкү күндө дотациядан чыгышкан. Ошого карабастан алдыбызда айыл өкмөттөрүбүздүн дагы да бюджетин көбөйтүү, жумуш орундарын түзүү, инвестиция тартуу сыяктуу бир катар иштерди аркалоо милдети турат. Биз мындай асыл максатыбызга жетебиз.

**– Соңку жылдары Кемин аймагына алыс-жакындан агылган эс алуучулардын катары калыңдаганы байкалууда. Быйылкы жылы районго канча туристтин келээри болжолдонууда?**

– Маселен, өткөн жылы жалпысынан районго 26 миңге чамалаган туристтер келишсе, быйылкы жылы 30 миңден ашуун меймандар келет деп күтүп жатабыз. Бишкек-Нарын-Торугарт жолу аркылуу Кемин шаарына киргенден тарта чыкканга чейинки 2 чакырымга созулган жолдун эки тарабына вело-тилкелерди, атайын отургучтарды, жарыктандыруу шамдарын заманбап ыкмада жакын арада жасоого киришкени турабыз. Чоң-Кемин аймагына соңку убакта эс алуучулар кадимкидей агылып келишүүдө. Туристтик мезгилдин күчөгөн маалында 1 күндө 3 миңге чукул ички-тышкы меймандар кирип чыгышат. Чоң-Кеминге кирип баратканда “Алтын-Булак” аталышында эс алуучу жайыбыз бар. Бул жайдын абалы учурда кейиштүү абалга келип калган. Учурда биз бул жайдын долбоорун жасатып жатабыз. Болжолдуу баасы 40 миллион сомдун тегерегинде болот экен. Алыс-жакындан келе турган туристтерибиз үчүн жакшы шарттарды түзүүгө арналган мындай аракетибиз ишке ашса, бул жай эң бир сонун заманбап эс алуу жайына айланаарына ишендирип кете алам.

**– Эгемендүүлүк майрамына карата районду аймагында кандай маанилүү жаңылыктар жана канча ачылыштардын болоору күтүлүүдө?**

– 31-августта белгиленчү мамлекеттик маанидеги мааниси терең майрамыбызга карата биздин районду бир топ чоң-чоң ачылыштар болгону турат. Жаңы мектептер, бала бакчалар салынып, капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөн социалдык маанидеги имараттарыбыздын бир канчасынын ачылышы күтүлүүдө. Анын баары убагы келгенде жарыяланат.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

АЧЫК КАБИНЕТ

# АГАРТУУ МИНИСТРИНИН ИШ КҮНҮ КАНДАЙ ӨТТҮ ?



***3-июнда "Ачык кабинет: жоопкерчилик аймагы" долбоорунун алкагында Кыргыз Республикасынын Агартуу министри Догдуркүл Кендирбаева бир күн бою журналисттердин коштоосунда иштеп, билим берүү тармагындагы маселелер жана жүргүзүлүп жаткан реформалар менен тааныштырды.***

Иш күнү эртең мененки телерадиодогу түз эфирден башталып, министрликтин ишмердүүлүгү, райондук билим берүү бөлүмдөрү менен онлайн-жыйындар, ата-энелер жана эксперттер менен жолугушуулар, Бишкектеги "Тунгуч" онлайн мектебинин, Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейинин иши менен таанышуу, жаңы муундагы окуу китептерин басып чыгаруу процесси, ошондой эле билим берүү мекемелериндеги оңдоп-түзөө иштеринин жүрүшүн көрүү менен коштолду. Жыйындын жүрүшүндө министр онлайн негизде райондук билим берүү уюмунун жетекчилери менен жыйын өткөрүп, 2025–2026-окуу жылынын жыйынтыктары, жалпы билим берүү уюмдарындагы оңдоп-түзөө иштеринин жүрүшү, мугалимдердин эмгек өргүүлөрүн уюштуруу жана жаңы окуу жылына даярдык маселелери талкуулады.

## "БӨБӨКТАЙ" БАЛДАРДЫ ЭРТЕ ӨНҮКТҮРҮҮ БОРБОРУ

Андан кийин министр айым менен бирге журналисттер Агартуу министрлигиндеги «Бөбөктай» балдарды эрте өнүктүрүү борборунун ишмердүүлүгү менен таанышты. Аталган борбор 2024-жылы министр Догдуркүл Кендирбаеванын демилгеси менен министрликтин кызматкерлеринин мектепке чейинки курактагы балдары үчүн ачылган. «Мен министр болуп келген биринчи күнү балдары менен жумушка келген кызматкерлерди көрүп, ушул идея жаралган. Мамлекеттик кызматта иштегендердин жумуш күнү дайыма эле белгиленген убакыт менен чектелбейт. Ошондуктан ата-энелер үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү маанилүү», — деди министр.

«Бөбөктай» борборунун негизги максаты — кенже курактагы балдардын өнүгүүсүнө шарт түзүү, эрте өнүктүрүү кызматтарын көрсөтүү, ошондой эле мамлекеттик жана жеке өнөктөштүктүн алкагында натыйжалуу тажрыйбаны жайылтуу болуп саналат.

## "ТУНГУЧ" ОНЛАЙН МЕКТЕБИ

Андан кийинки сапар «Тунгуч» – Кыргыз Республикасынын биринчи мамлекеттик онлайн мектебинде болду. «Тунгуч» онлайн мектеби 2025–2028-жылдар аралыгын камтыган пилоттук долбоор катары иштейт. Окутуу кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлүп, билим берүү процесси **tunguch**.kg санарип платформасы аркылуу уюштурулат. Мектептин негизги максаты – жашаган жерине, ден соолугунун абалына же башка жагдайларга карабастан, ар бир бала үчүн сапаттуу билим алууга бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүү. 2025–2026-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча «Тунгуч» онлайн мектебинде 2 258 окуучу билим алууда. Алардын ичинен 1 114ү эркек балдар, 1 144ү кыз балдар. Жалпысынан 43 класс түзүлгөн, анын ичинде 28 класс кыргыз тилинде жана 15 класс орус тилинде билим алат. Ошондой эле онлайн сабактарды өткөрүүнүн концептуалдык модели бекитилип, окуу процессинде колдонууга киргизилген. Ага ылайык, окуу убактысынын 80 пайызы синхрондук (жазылган сабактар, платформада өз алдынча иш) окутууга, ал эми 20 пайызы синхрондук сабактарга бөлүнгөн. Синхрондук сабактар **Google Meet** платформасы аркылуу өткөрүлөт.

## УЛУТТУК ИННОВАЦИЯЛЫК МЕКТЕПТЕ БОЛДУ

Андан кийин министр Догдуркүл Кендирбаева ЖМК өкүлдөрү менен биргеликте А. Молдокулов атындагы улуттук инновациялык-технологиялык мектепке барды. Мында лицей жетекчилери жана 9-11-класстын окуучулары менен жолугушуу өттү. Министр бүтүрүүчү класстын окуучуларын 2025–2026-окуу жылынын жыйынтыктоочу мамлекеттик экзамендер ийгиликтүү өткөрүп алууну каалады.

## "УЧКУНДАГЫ" ОКУУ КИТЕПТЕРДИН БАСЫЛЫШЫ

"Ачык кабинет": жоопкерчилик аймагы" долбоорунун алкагында "Учкун" Ачык акционердик коомундагы окуу китептеринин басылып чыгышы менен таанышуу болду.

## 12 ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ: ЖАҢЫ КИТЕПТЕР МЕНЕН КАМСЫЗДОО

Агартуу министрлигине караштуу «Окуу китеби» басма үйү» мамлекеттик мекемеси 12 жылдык билим берүү моделине өтүүнүн алкагында окуу китептерин жаңылоо жана мектептерди заманбап окуу-методикалык комплекстер менен камсыз кылуу боюнча системалуу иштерди жүргүзүүдө. 2025-жылы окуу китептерин басып чыгарууга мамлекеттик бюджеттен 856 миллион сом, ал эми 2026-жылы 744 миллион сом каралган. Бул каражаттардын эсебинен жалпысынан 4 миллион 829 миң 610 нуска окуу китеби жана окуу-методикалык комплекстер даярдалып, өлкө мектептерине жеткирилген.

## IT ТАРМАГЫНА ЖОЛ АЧКАН №99 КЕСИПТИК ЛИЦЕЙ

Андан кийинки локация Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу №99 маалыматтык технологиялар кесиптик лицейи болду. Мында маалыматтык технологиялар, робототехника жана инженердик адистиктер боюнча жаш кадрлар даярдалат. Жакында ушул лицейдин бош имаратына Президент Садыр Жапаров менен Россия Федерациясынын ПАО «Сбербанк» компаниясынын Башкаруу кеңешинин төрагасы Герман Грефтин ортосунда жетишилген макулдашуунун негизинде жаңы IT мектеп ачылаары күтүлүүдө.

## «МЕКТЕП 21» САНАРИПТИК ТЕХНОЛОГИЯЛАР МЕКТЕБИ

Кыргызстанда «Мектеп 21» санариптик технологиялар мектеби долбоору ишке ашырылууда. Учурда жаңы мектепти оңдоо жана жабдуулар менен жабдуу иштери жүрүүдө. Бул долбоор Мамлекет башчысынын демилгеси жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомуна ылайык Агартуу министрлиги тарабынан жүзөгө ашырылууда. Мектептин расмий ачылышы 2026-жылдын июль айына пландаштырылууда.

## УСУЛДУК БОРБОРДУН ИШТЕРИ МЕНЕН ТААНЫШТЫ

Андан кийин Агартуу министри Догдуркүл Кендирбаева ЖМК өкүлдөрү менен биргеликте министрликке караштуу Республикалык дене тарбия, спорт жана маданият боюнча усулдук борборундагы оңдоп-түзөө иштери менен таанышты. Борбордо жүргүзүлүп жаткан оңдоп-түзөө жана жаңылоо иштери келечекте шахматты жайылтуу, машыктыруучуларды даярдоо жана окуучулар үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө багытталган. Аталган борборго Кыргыз Республикасынын Президентинин «2026–2030-жылдарга Кыргыз Республикасында шахматты өнүктүрүү жана жайылтуу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгынын алкагында бир катр жаңы иш - милдеттер камтылууда

## ИШ СОҢУ

Кечке жуук Агартуу министри Догдуркүл Кендирбаеванын бир күндүк иш күнү соңуна чыкты. Иш соңунда билим берүү уюмдарын жаңы окуу жылына өз убагында жана сапаттуу даярдоо, оңдоп-түзөө иштерин белгиленген мөөнөттө аяктоо, ошондой эле окуучулар жана педагогдор үчүн коопсуз жана ыңгайлуу шарттарды камсыз кылуу боюнча тиешелүү адистерге тапшырмаларды берди. Бир күн бою аны коштоп жүргөн ЖМК өкүлдөрүнө ыраазычылыгын билдирди.

Мээрим БАКТЫБЕК кызы

---

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 29-ИЮЛУНДАГЫ №418 «МАМЛЕКЕТТИК ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИН КЫЗМАТКА ДАЙЫНДОО, БОШОТУУ ЖАНА АТТЕСТАЦИЯЛОО ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

Мамлекеттик жогорку окуу жайларынын жетекчилерин дайындоо тартибин жөнгө салуучу мыйзамдарды системалаштыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №418 «Мамлекеттик жогорку окуу жайлардын жетекчилерин кызматка дайындоо, бошотуу жана аттестациялоо тартиби жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик жогорку окуу жайлардын жетекчилерин кызматка дайындоо, бошотуу жана аттестациялоо тартиби жөнүндө жободо:

– 3-пункттун 3-пунктчасындагы «жана наамы» деген сөздөр алып салынсын;

– 6-пункттун биринчи абзацындагы «ички иштер» деген сөздөр «саламаттык сактоо, ички иштер» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

– 7-пунктта «жана окумуштуулук наамы» деген сөздөр алып салынсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик жогорку окуу жайдын жетекчисинин кызмат ордуна карата квалификациялык талаптарда:

– 4, 5-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«4. Мамлекеттик, анын ичинде «улуттук» статусу бар жогорку окуу жайынын жетекчисинин кызмат ордуна (маданият жана искусство багыттары/адистиктери боюнча даярдоого адистешкен мамлекеттик жогорку окуу жайынын жетекчисинин кызмат ордун кошпогондо) төмөнкүдөй квалификациялык талаптар белгиленет:

– жогорку кесиптик билиминин болушу;

– илимдин кандидаты же PhD доктору окумуштуулук даражасынын болушу;

– 5 жылдан кем эмес илимий же педагогикалык иш стажы.

5. Маданият жана искусство багыттары/адистиктери боюнча даярдоого адистешкен, анын ичинде «улуттук» статусу бар мамлекеттик жогорку окуу жайынын жетекчисинин кызмат ордуна төмөнкүдөй квалификациялык талаптар белгиленет:

– жогорку кесиптик билиминин болушу;

– илимдин кандидаты же PhD доктору окумуштуулук даражасынын же Кыргыз Республикасынын маданият жана искусство жаатындагы ардак наамынын болушу;

– 5 жылдан кем эмес илимий же педагогикалык иш стажы.».

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 4-июну, №392***

АТАГЫ АРТКАН ОКУУ ЖАЙ

### Академик К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин ректору, профессор Мирлан ДЫЛДАЕВ:

# “МАМЛЕКЕТ ТАРАБЫНАН КӨРСӨТҮЛҮП ЖАТКАН КОЛДООНУ ЖОГОРУ БААЛАЙБЫЗ”

***Мирлан Муктарович өлкөбүздөгү эң абройлуу университеттердин бирин жаңы сапаттарга көтөрүп, атагы арткан окуу жайды жогорку билим жана илим жаатында таанылган лидерлик сапка чыгара алды. Биз бул сапар улуттук интеллектуалдык мейкиндикте гана эмес, эл аралык чөйрөдө да өзүнүн бекем орду бар окуу жайдын башчысына бир нече соболдорубуз менен кайрылдык. Билими менен иши айкалышкан таланттуу илимпоз, география илимдеринин доктору бизге ынанымдуу жоопторун узатты.***



**- Мирлан Муктарович, Президент Садыр Нургожоевичтин илим жана билим берүү тармагындагы кызматкерлердин айлык маянасын жогорулатуу боюнча жарлыгын сиздердин жамаат деле жылуу кабыл алса керек...**

- Академик Кусеин Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети өлкөдөгү алдыңкы жогорку окуу жайларынын бири болуп саналат. Университетте гуманитардык, табигый илимдер, педагогика, экономика, эл аралык мамилелер, маалыматтык технологиялар жана башка багыттар боюнча жогорку квалификациялуу адистер даярдалат. Учурда университет билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, илимий изилдөөлөрдү өнүктүрүү жана эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү багытында активдүү иштерди жүргүзүп келет. Жакында Урматтуу Президентибиздин билим берүү жана илим тармагындагы кызматкерлердин эмгек акысын жогорулатуу боюнча Жарлыгы биздин университеттин жамааты тарабынан абдан жакшы кабыл алынды. Бул жагымдуу чечим окутуучулардын, илимий кызматкерлердин жана жалпы эле билим берүү тармагындагы адистердин эмгегине берилген жогорку баа катары бааланууда. Эмгек акынын жогорулашы кызматкерлердин социалдык абалын жакшыртып эле тим болбостон, алардын кесипке кызыгуусун күчөтүүгө, билим берүүнүн жана илимдин сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөт деп эсептейбиз. Университеттин жамааты мамлекет тарабынан көрсөтүлүп жаткан мындай колдоону жогору баалайт жана өлкөнүн билим берүү системасын өнүктүрүүгө мындан ары да өз салымын кошууга даяр.

**- Билим берүү, илим тармагы улуттук идеологияларды элге сиңирүүдө чоң күч болуп берери белгилүү. Өлкөдөгү ири окуу жайдын жетекчиси катары бул багытта кандайдыр бир иштерди аркалап жатасыздарбы?**

- Билим берүү жана илим тармагы улуттук идеологияны коомго сиңирүүдө чоң күчкө ээ экени талашсыз. Бул багытта биздин университетте бир катар маанилүү иштер жүргүзүлүүдө. Биринчиден, университеттин профессордук-окутуучулук курамы тарабынан 2025-жылы “Үңгүжол – заман талабы” аттуу китеп даярдалып, жарык көрдү. Китепте кыргыз тили, философиясы, тарыхы жана экология маселелери кеңири камтылган. Аталган эмгек Урматтуу Президентибиздин “Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик” үңгү жолу тууралуу Жарлыгын жайылтуу жана улуттук идеологиянын негизги баалуулуктарын студенттерге жеткирүү максатында жазылган. Мындан тышкары, ушул жылы Урал федералдык университетинде Академик К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин “Кыргыз таануу борбору” ачылды. Бул демилге Бишкек мамлекеттик университети менен Урал федералдык университетинин ортосундагы кызматташтык келишиминин алкагында ишке ашырылды. Аталган борбор кыргыз тилин, маданиятын жана тарыхын чет өлкөдө жайылтууга өбөлгө түзүп, жергиликтүү кыргыз диаспорасы үчүн жолугушууларды, конференцияларды жана ар түрдүү маданий иш-чараларды өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Аталган борбор Кыргызстандан келген илимпоздорго, окутуучуларга, студенттерге, чыгармачыл инсандарга жана башка кызыкдар тараптарга ачык болуп, илимий жана маданий кызматташтыкты өнүктүрүүгө кызмат кылат. Ошондой эле университетте “Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик” үңгү жолу тууралуу байма-бай конок лекциялар, илимий жолугушуулар жана тарбиялык иш-чаралар уюштурулуп, жаштардын улуттук аң-сезимин бекемдөөгө өзгөчө көңүл бурулууда.

**- Бүгүн дүйнө бир орунда турбай, билим берүү күн сайын, саат сайын өзгөрүп, өнүгүүдө. ЖОЖдор арасында атаандаштык болуп көрбөгөндөй күч алды. Өлкөдөгү абитуриенттердин көпчүлүгү өзүбүздүн окуу жайларды эмес, чет өлкөлүк ЖОЖдорго агылышууда. Мындай шартта ири окуу жайдын жетекчиси катары студенттерди кандай өзгөчөлүктөрүңүздөр менен катарыңарга тартуудасыздар? Атаандаштыктан аксап калган жоксуздарбы?**

- Бишкек мамлекеттик университети билим берүү рыногунда өзүнүн туруктуу ордуна жана калыптанган аудиториясына ээ. Университетибиз өзгөчө гуманитардык илимдер, филология жана чыгыш таануу багыттары боюнча күчтүү тажрыйбага бай десем болот. Айрыкча, чыгыш тилдерин, чет тилдерин тереңдетип окутуу менен катар экономика, эл аралык мамилелер жана IT тармактарын айкалыштырып даярдоого басым жасалып келет. Бул бүгүнкү эмгек рыногунун талабына жооп берген көп багыттуу адистерди даярдоого мүмкүнчүлүк түзөт. Ошондой эле университетте эл аралык кызматташтыкты кеңейтүүгө, академиялык мобилдүүлүк программаларын өнүктүрүүгө жана чет өлкөлүк өнөктөш жогорку окуу жайлар менен биргелешкен билим берүү жана илимий долбоорлорду ишке ашырууга өзгөчө көңүл бурулууда. Бул багыттагы иштердин натыйжасында студенттер жана окутуучулар үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр түзүлүп жатат. Атап айтканда, Россиянын, Казакстандын, Түштүк Кореянын (Ханбат, Канвон университеттери), Кытай Эл Республикасынын (онго жакын алдыңкы университеттери), Япониянын (төрт университети), ошондой эле Түркия жана башка өлкөлөрдүн жогорку окуу жайлары менен тажрыйба алмашуу программалары, академиялык мобилдүүлүк долбоорлору жана кош дипломдуу билим берүү программалары ийгиликтүү ишке ашырылууда. Ал эми атаандаштыктын күндөн күнгө күч алуусу бизди жаңы ыкмаларды өздөштүрүүгө, билим берүүнүн сапатын дүйнөлүк стандарттарга ылайыкташтырууга жана студенттерге сапаттуу, практикага багытталган билим берүүгө шарт түзүү менен биргеликте жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачууда.

**- Алдыда быйылкы абитуриенттерди кабыл алууну кандай өзгөчөлүктөр менен өткөрүүнү пландап жатасыздар?**

- Быйылкы кабыл алууда бир катар маанилүү өзгөрүүлөр бар. Биринчиден, 11-класстын базасында колледждерге кабыл алууда ЖРТнын жыйынтыгы талап кылына баштады. Буга чейин ЖРТ негизинен бакалавриатка (4 жылдык билим берүү) жана специалитет (5 жылдык билим берүү) тапшырууда гана милдеттүү болсо, эми орто кесиптик билим берүү багыттарына да киргизилип жатат. Мындан тышкары, 2025-жылдан тарта педагогикалык багыттар үчүн ваучердик (гранттык) негизде билим алуу мүмкүнчүлүгү түзүлдү. Бул келечекте мугалимдик кесипке кызыккан жаштарды колдоого жана билим берүү тармагына сапаттуу кадрларды тартууга өбөлгө болот деп ишенебиз. Ал эми чет элдик студенттерди кабыл алуу процесси өлкөбүздүн илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине караштуу “Чет өлкөлүк студенттерди кабыл алуу борбору” мамлекеттик мекемеси аркылуу жүргүзүлөт. Бул борборлоштурулган система жогорку окуу жайларга чет өлкөлүк студенттерди кабыл алуу процессин жеңилдетүүгө, анын ачык-айкындуулугун жана натыйжалуулугун жогорулатууга, ошондой эле кабыл алуу иштерин бирдиктүү тартипке келтирип, системалаштырууга өбөлгө түзөт. Жалпысынан быйылкы кабыл алуу мурдагыдай эле ачык-айкын жана онлайн форматта өткөрүлөт. Абитуриенттер документтерин жана тандоолорун министрликтин расмий https://2020.edu.gov.kg/ веб-сайты аркылуу тапшыра алышат.

**- Статистика боюнча аспирантурага тапшыргандардын 10%га жетпегени коргоого чыгып, калганы дайынсыз. Илимдин кандидаттары менен докторлорунун саны жыл сайын азаюуда. Алдыңкы 10 жылдыкта ЖОЖдордо кадрдык таңкыстык жаралбайбы? БМУда бул көрүнүш кандай?**

- Ооба, бул бүгүнкү күндөгү эң олуттуу көйгөйлөрдүн бири. Статистика көрсөткөндөй, аспирантурага тапшыргандардын аз гана бөлүгү илимий ишин ийгиликтүү коргоп чыгууда. Бирок, акыркы жылдары мамлекет тарабынан илим тармагына көңүл бурулуп, Улуттук илимдер академиясын жана жаш илимпоздорду колдоо боюнча бир катар аракеттер көрүлүүдө. Азыркы учурда салттуу аспирантура менен биргеликте PhD программалары да жигердүү өнүгүүдө. Заман талабына ылайык жасалма интеллект, маалыматтык технологиялар (IT) жана башка жаңы багыттар боюнча билим берүү программалары ачылууда. Бул тармакка жаштардын кызыгуусун арттырып, аларды илимий изилдөө иштерине көбүрөөк тартууда. Аталган программалардын сапаты жана натыйжалуулугу жакынкы келечекте өз баасын алат деп ишенебиз. Аныгында БМУда да бул маселе өзгөчө көңүл борборунда турат. Университет жаш илимий-педагогикалык кадрларды даярдоого, илимий изилдөөлөрдү өнүктүрүүгө жана билим берүү программаларын эл аралык стандарттарга ылайык өркүндөтүүгө ырааттуу аракет кылууда. Мындан тышкары, ички гранттык каржылоонун алкагында илимий долбоорлорду колдоо үчүн атайын каражаттар бөлүнүп келет. Биз келечекте илим менен билим берүүнүн өз ара байланышын дагы да бекемдеп, атаандаштыкка жөндөмдүү, жогорку квалификациялуу адистердин жаңы муунун калыптандырууга өзгөчө маани беребиз.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

КЫРГЫЗСТАН ЖАНА ШКУ




# Билим берүү тармагындагы кызматташтык

***Быйыл Бишкекте Шанхай кызматташтык уюмунун (ШКУ) саммити өтөт. Ал билим берүү, илим, экономика жана технологиялар тармагындагы кызматташтыкты жигердүү өнүктүрүп жаткан, мамлекеттерди бириктирген аймактагы эң ири эл аралык иш-чаралардын бири.***

ШКУнун саммитинин өткөрүлүшүнө байланыштуу Кыргыз Республикасынын мектептеринде 2026/2027-окуу жылынын башталышы 2026-жылдын 15-сентябрына жылдырылаарын Агартуу министрлиги кабарлады. Ал эми ШКУнун алкагындагы кызматташтык Кыргызстандын билим берүү системасын өнүктүрүүдө маанилүү роль ойноорун адистер белгилешет. Бул багытта 2006-жылы ШКУга мүчө мамлекеттердин билим берүү жаатындагы кызматташтык жөнүндө макулдашууга кол коюлган. Бул документтин алкагында академиялык алмашуулар, биргелешкен билим берүү программалары ишке ашырылып келет. ШКУга мүчө өлкөлөрдүн ортосунда илимий кызматташтык да ишке ашууда.

### БИЛИМ БЕРҮҮ КВОТАЛАРЫ БЕРИЛЕТ

Аны менен катар жыл сайын Кыргыз Республикасынын жарандарына Кытай Эл Республикасынын жогорку окуу жайларында билим алуу үчүн билим берүү квоталары берилет. Эл аралык билим берүү мейкиндигин өнүктүрүүдө чоң салымы бар. Уюмга мүчө мамлекеттердин алдыңкы жогорку окуу жайларынын ортосунда иштер аткарылып келет. Бул багытта Кыргызстандын сегиз жогорку окуу жайы менен кызматташтык жолго коюлган.

Мындан бир жыл мурда 2025-жылы билим берүү тармагындагы Кыргызстандын делегациясы Кытайдын Үрүмчү шаарында өткөн ШКУга мүчө мамлекеттердин билим берүү министрлеринин тогузунчу кеңешмесине катышкан. Мында билим берүү тармагындагы кызматташтык, академиялык мобилдүүлүктү жана жогорку квалификациялуу адистерди даярдоону өнүктүрүүгө багытталган маанилүү документтер кабыл алынган. Ошондой эле иш-чаралардын алкагында синхрондук котормочуларды даярдоо, биргелешкен инженердик билим берүү программаларын түзүү жана эл аралык илимий-техникалык кызматташтыкты өнүктүрүү боюнча келишимдерге кол коюлган.

Кыргыз Республикасы билим берүү, илим жана инновациялар жаатында ШКУга мүчө мамлекеттер менен өз ара аракеттенүүнү ыраattуу түрдө бекемдеп келет. Быйыл күз мезгилинде ШКУнун саммитинин өткөрүлүшү эл аралык өнөктөштүктү өнүктүрүүдө, жаштар үчүн мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүдө жана ата мекендик билим берүүнүн эл аралык деңгээлдеги атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууда маанилүү кадам болоору анык.

### «ШКУнун ЖАШ ОКУМУШТУУЛАР ЭЛ АРАЛЫК ЛАГЕРИ – 2026»

Кыргыз Республикасы Шанхай кызматташтык уюмунун төрагалыгынын алкагында 5-июлдан 20-июлга чейин «ШКУнун Жаш окумуштуулар эл аралык лагери – 2026» өткөрүлөт. Бул долбоор «Жаш изилдөөчүлөр лагери» демилгесинин уландысы болуп саналат. Ошондой эле жаштардын илимий потенциалын өнүктүрүүгө, эл аралык кызматташтыкты чыңдоого жана ШКУга мүчө өлкөлөрдүн ортосунда тажрыйба алмашууну кеңейтүүгө багытталган.

### 10 ӨЛКӨНҮН ЖАШ ОКУМУШТУУЛАРЫ ЧОГУЛАТ

Лагердин катышуучулары илимге, технологияларга жана инновацияларга кызыккан 16 жаштан 19 жашка чейинки мектеп окуучулары болушат. Алар үчүн билим берүү программалары, изилдөө долбоорлору, окумуштуулар жана эксперттер менен жолугушуулар, ошондой эле маданий иш-чаралар уюштурулат.

Иш-чара Чолпон-Атадагы "Акылман" Президенттик лицейде өткөрүлөт. Мында Кыргызстан, Кытай, Индия, Иран, Казакстан, Пакистан, Россия, Тажикстан, Өзбекстан жана Беларусь баш болгон жалпы 10 өлкөдөн катышуучулар келет.

Бул эл аралык лагерь Кыргызстан Шанхай кызматташтык уюмунун төрагалыгынын алкагында Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги тарабынан уюштурулууда. 100 катышуучу эки жума бою Ысык-Көлдө өзгөчө изилдөөлөрдү жүргүзүшөт.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**




НАРЫНДА



# КУРУЛУШ КУЛАЧ ЖАЮУДА

Алыскы Ат-Башы районунда учурда курулуш иштери кызуу жүрүүдө. Ошого жараша жыл аягына чейин ар кандай багыттагы 20дан ашык объектини пайдаланууга берүү мерчемделген. Алардын арасындагы бүгүнкүгө жалпы жумуштарынын үчтөн бири аяктап калган район борбору Ат-Башы айылындагы спорт комплекс дүйнөлүк стандарттарга төп келгендиги менен өзгөчөлүү. Анда дароо эле спорттун алты түрү менен машыгууга жана мелдештерди өткөрүүгө болот. Эгер мындагы эмгек ыргагы азыркысынан жазбаса, жакындап калган эгемендүүлүк майрамында калк кызматына коюлмакчы. Жалпы сметалык наркы 146 миллион сомдук бул объектини каржылоодо жана курулуш материалдары менен камсыздоодо үзгүлтүктөр жок экендигин көңүлгө түйсөк, баарысы өз мөөнөтүндө бүтөөрүнө толук ишеним бар. Негизи буга чейин дене тарбия жана спорт жайларынын жоктугу эске алынганбы же аларга муктаждыктын өскөндүгүнөнбү, айтор, алыскы өрөөндө сергек жашоого өбөлгө объектилерди көбөйтүүгө олуттуу маани берилүүдө. Андыктан райондо кичи футбол талаасынын 14ү курулат. Курулуш монтаждоо жумуштарына 49 миллион сом бөлүнгөн. Каражаттын өздөштүрүлүшүнүн азыркы ыргагына караганда, баарысы тең жакын арада пайдаланууга берилет. Ат-Башы айыл аймагында быйылкыга баш-аягы бир миллиард сомдук курулуш иштери жүрүүдө. Көпчүлүгү социалдык обёектилер. Айтмакчы, жогоруда саналган жумуштарга мамлекет казынасынан жана демөөрчүлөрдүн эсебинен 3 миллиард 500 миллион сом каралгандыгын баса белгилейли.

# Ветеринардык-профилактикалык иштер уланууда

***Нарын облусунда ири мүйүздүү мал арасында шарп оорусуна каршы эмдөө иштери кызуу жүрүүдө. Бүгүнкү күнгө чейин жүз миңге жакын малга беш валенттүү вакцина сайылды.***

Кочкор районунун фермери Сүйүнбек Алыбаев асыл тукум уйларды багып, алардын саламаттыгына өзгөчө көңүл бурат. Ошондуктан ветеринардык-профилактикалык иш-чаралардын бирин да калтырбай аткарып келет. Анын айтымында, өткөн кыш-жаз мезгилинде мал арасында оорулар көбөйүп, чарбачылыктар үчүн бир топ түйшүк жаратканcan.

Шарп оорусунун алдын алуу үчүн Кочкор районуна 55 миң 500 доза вакцина бөлүнгөн. Райондо 48 миң 873 баш ири мүйүздүү мал бар экенин эске алганда, бул бардык малды толук камтууга жетиштүү. Учурда төрт түлүктүн көбү жайлоого чыккандыктан, эмдөө иштери ошол жактарда уланууда.

Жумгал районунда да мал ээлери кыш бою жандыктарынын саламаттыгын сактоого аракет көрүштү. Райондо катталган 33 миң 592 баш уй-топоз үчүн 44 миң доза вакцина даярдалып, анын он миңи колдонулду. Ветеринарлар жаңы вакцинанын таасири жакшы экенин белгилеп, эпизоотиялык абал көзөмөлдө экенин билдиришүүдө.

Жалпысынан Нарын облусундагы 219 миң 362 баш ири мүйүздүү малды шарп оорусунан коргоо үчүн 224 миң 500 доза вакцина алынган. Адистердин айтымында, бул иштер малдын саламаттыгын сактоого жана оорунун жайылышын алдын алууга өбөлгө түзөт.

**Бөлөкбай ШЕРИМБЕКОВ, Нарын облусу**



“ЭРКИН-ТООГО” 35 ЖЫЛ

# КАТАСЫЗ ГЕЗИТТИН КААРМАНЫ



***Корректорлук сыртынан жөнөкөй көрүнгөнү менен өтө оор жана түйшүктүү кесип. Ал чоң чыдамкайлыкты, терең билимди жана тилге болгон аяр мамилени талап кылат. Айрыкча мамлекеттик расмий гезитте иштөө оңой эмес. Ар бир сөздүн, ар бир үтүр-чекиттин жоопкерчилигин алуу биринчи орунда турат. Себеби, расмий маалыматтагы кеткен ката коомчулук тарабынан сынга алынышы мүмкүн. Ушул түйшүктүү кесипти өмүр бою аркалаган кесиптешибиз Жээнбүбү ТУКЕНДЕРОВА жөнүндө сөз кылмакчыбыз.***

Ж.Тукендерова биз менен болгон баарлашуусунда “Эркин-Тоо” ага кесиптик тажрыйба гана эмес, турмуштук сабак, жакшы адамдар менен табыштырган, жүрөгүндө өчпөс из калтырган өзгөчө мектеп экендигин баса белгиледи. “Бул жерден көп жакшы нерселерди алдым, далай мыкты инсандар менен иштештим. Ал күндөр эч качан эстен кетпейт”, - деп эскерди. Маектешибиз тамаша-чын аралаш кесиптештерине: “Мен “Эркин-Тоодо” 30 жыл иштейм, анан өз каалоом менен кетем”, - деп көп айтчу экен. Чынында эле тилеги орундалып, дээрлик отуз жылдык үзүрлүү эмгектен кийин ардактуу эс алууга чыккан. Аны жамааты чоң сый-урмат менен узатканын да ыраазычылык менен белгиледи.

Бирок, басма сөздөн алыстоо ага оңой болгон жок. Арадан көп өтпөй эле ошол кездеги Билим берүү министрлигинин “Кут Билим” медиа борборуна кызматка чакырылып, кайрадан иш дүйнөсүнө аралашат. Үйдө жөн отура албаган Жээнбүбү эже иш менен алек болгонду жакшы көрөөрүн, өмүрүнүн дээрлик бүтүндөй бөлүгүн басма сөз тармагына арнаганын сыймыктануу менен айтты.

Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Жээнбүбү Тукендерова “Эркин-Тоо” гезитинин алгачкы санынан баштап 2021-жылга чейин үзүрлүү эмгектенген тажрыйбалуу корректорлордун бири. Ал басма сөз тармагындагы эмгек жолун 1983-жылы “Ленинчил жаш” гезитинде баштап, кийин эгемен өлкөнүн башкы расмий басылмасы болгон “Эркин-Тоодо” ишин уланткан. Жээнбүбү эже корректорлук кесип өтө жоопкерчиликтүү экенин белгилеп, гезиттин ар бир саны катасыз чыгышы үчүн түн уйкусуз эмгектенген күндөр көп болгонун эскерет. Анын айтымында, ката – “шпион” сыяктуу байкалбай кетиши мүмкүн, ошондуктан ар бир материал кайра-кайра текшерилет.

Ж.Тукендерова өз ишине өзгөчө берилген адам. Анын тактыкка болгон мамилеси, ар бир сүйлөмдү кайра-кайра текшерген жоопкерчилиги жанында иштегендерге да таасир этпей койгон жок. Кээде автор байкабаган майда ката, түшүнүксүз сүйлөм же туура эмес берилген маалыматты байкап, кайрадан тактатып, авторлорго телефон чалып, оңдотуп чыккан учурлары абдан эле көп болду. Ошондуктан “Жакшынын шарапаты” дегендей, бүгүнкү “Эркин-Тоонун” сабаттуу, так жана катасыз чыгып жатышында Жээнбүбү эженин эмгеги чоң экенин кесиптештери өзгөчө белгилешет.

Азыр айрым китеп карабаган адамдар интернеттин заманында: “Азыр дагы гезит чыгабы?” - деп таң калып сурап калышат. Мындай сөздөр басма сөздө өмүрүн өткөргөн адамдарга оор тийбей койбойт. Анткени, гезит — жөн гана кагаз эмес. Ал мамлекеттин тарыхын, коомдун эс тутумун, расмий маалыматтын так булагын сактап келген чоң архив. Кечээки тарыхты бүгүн интернеттен өзгөртүп салууга мүмкүн болсо, гезиттин архивинде калган тарых өзгөрүлбөйт. Анын күчү мына ушунда.

Бүгүнкү күндө чыныгы журналистиканы, сөздүн салмагын, маалыматтын жоопкерчилигин сактап калуу чоң милдет болуп калды. Интернет ылдамдыкты алып келди, бирок тактык менен жоопкерчилик ар дайым эле кошо келе бербейт. Ошондуктан “Эркин-Тоо” сыяктуу мамлекеттик басылмалардын орду бүгүн абдан маанилүү. Алар коомго так маалымат жеткирүү менен бирге мамлекеттик тарыхтын жазма күбөсү болуп кала берет.

Жээнбүбү Тукендерованын көп жылдык үзүрлүү эмгеги бааланып, 2005-жылы КР Президентинин Ардак грамотасы менен сыйланып, 2011-жылы “Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери” наамына татыган.

**“Эркин-Тоо” мен үчүн ыйык жана кут даарыган жер. Өмүрүмдүн эң жакшы жылдарын ушул гезитке арнадым”, - дейт Жээнбүбү эже. Эже менен сүйлөшүп олтуруп, “Эркин-Тоодо” иштеп жүргөн мезгилдеги эсте калган күлкүлүү окуялардан айтып берүүсүн өтүндүк.**

## МАШИНАДАГЫ БИР ОКУЯ

– Сакы Садыков башкы редактор болуп турганда кабылдамада иштеген Жазира деген сулуу кызыбыз турмушка чыкты. Салтты улап ал дагы күйөө баланы тааныштырып, жамаатка чай берди. Ошонун астында редактор мени профком катары чакырып: “Эже, Жазира чай берет экен. Сиз бир калпак менен жоолук алып коёсузбу”, - дегенинен бухгалтерияга бардым. Тамара эже: “Отчёт тапшырганы бармакмын. Мен дагы силер менен кошо жетип алайын”, - деп машинаны Свердлов райакимиатына айдаттырды. Ал жактан жумуштарын тез эле бүткөрүп чыкты. Эже экөөбүз унаанын арткы жагындагы орундукта отурганбыз. Чүй менен келе жатып, Ибраимов көчөсүнө бурулганда эле машинабыз токтоп калды. Эмне болгонун сурасак, айдоочу май түгөнүп калганын айтты. Шашып жаткан жаным чыйпылыктап кеттим. Айдоочу Бакыт машинадан түшүп, желим бөтөлкөнү көтөрүп май куюучу жайга чуркады. Биз андай идишке май бербейт деп, кыйкырган бойдон кала бердик. Бакыт бир топко жоголду. Айлам кетип, эжеден Бакыттын телефонуна чалыңызчы деп сурандым. Бир убакта астыңкы орундуктан телефон чылдай баштады. Тамара эже: “Телефонго жооп берип койчу”, - деди. Бирөө чалып жаткан турбайбы деп телефонду алсам, аял киши: “Бакыт сенсиңби, кайдасың?” - деп эле сурай баштады. Мен келинчеги окшойт, туура эмес ойлобосун деп: “Биз Бакыт менен чогуу иштешкен эжелерибиз, жумуштар менен келатканыбызда машинасы жүрбөй калды. Ал өзү май издегени кетти”, - деп эле актанып кирдим. Эже бирдемелерди сүйлөп жатып, бир убакта мени карап: “Ай, Жекин, сенсиңби?”- дейт. Ошентип, ал мени карап, мен аны карап күлкүбүз тыйылбай, экөөбүздүн бир убакка чейин боорубуз эзилди... Бир машина, бир орундукта отуруп эле бир заматта ойго келбеген күлкүлүү окуяны жасап жибергенибизге таң калып, бир убакка чейин боорубуз эзилгенче күлдүк. Анан мен шашкан бойдон “Ош” базарына такси менен кеттим... Базардан ала тургандарымды алып, кайра эле ошол такси менен кайттым. Лифтке түшүп, Учкундун 8-кабатына көтөрүлдүм. Дагы бир лифттин эшиги ачылып, ал жактан Тамара эже чыгып, баягы күлкүлөр дагы уланды...

**Бактыгүл КУЛАТАЕВА**

САМАЛЫК

# СӨЗДӨН ЖАСАЛГАН ААЛАМ




Кара-Көл шаарындагы "Мурас" адабий чыгармачылык коомдук бирикмеси тарабынан даярдалган кеченин каармааны Алимжан Алибеков окурман журтчулугуна 2021-жылы "Августтун сегизи" аңгемеси аркылуу таанылды.

Алимжан өзү мугалимдин үй-бүлөсүндө төрөлүп, тарбиялангандыктан мугалимдер жөнүндө жазылган аңгемелери жүрөктөн орун алат. Ошондон улам болсо керек, Акун агайдын балдарды урушуп тилдегени да чыныгы балалык мээрим, наристенин баёо сезими аркылуу сүрөттөлгөн.

Ал эми калемгер "Үнсүз булбул" аттуу аңгемесинде өз мекенин таштап, жандалбастап качкан элди тоо суусу менен салыштырат. Өз мекенинде, таштан ташка урунуп оргуштап аккан суудай үрккөн эл, кытай жеринде салаа-салаа болуп бөлүнүп, акырында жамгырдан кийин калган чөөткө айланды. Ошол чөөт суудан да ар бир адам өзүнүн жан дүйнөсүнө ылайыктуу нерсени көрөт.

Бир адам акпаган чөөттөн ылайланган балчыкты көрсө, экинчиси ылайланган чалчык суудан толукшуган айды курчап турган жаркыраган жылдыздарды суктана карайт. Адамдын жан дүйнөсү таза болсо, тили да, дили да аруу болот. Алимжандын аңгемелери өз дүйнөсүндөй эле жөнөкөй жана чыныгы жашоодон алынып, кыска жана нуска жазылган.

Качкындардын арасындагы акылэстүү адам — Айкөкүлдүн атасы, азгантозгон элин карап, наристелердин келечегин ойлоп, акыл сөзүн айтат.

"Ыйлагандан пайда жок, ыйлабагыла. Балдардын тагдырын ойлогула. Мекенсиз адам — үнсүз булбул. Эч токтобой туулган жерге кайткыла " деп көз жумган тура. Бул аңгемени окуп, мен өз тилин унутуп, өз элин куруткан, кыргыз тилин бөлөк тилдерге алмаштырган улутташтарыбызды үнсүз булбулга теңештирип турам. Кыргызча сүйлөй албаган, кыргызча адабий китеп окубаган наристелерди карап, булар да "үнсүз булбулга айланышпаса экен" деп көз жашымды төгүп, ичим күйүп турат. "Жаралат баары майдадан, түшүнбөйт аны майда адам" дегендей эле, биз жазуучулар, мугалимдер окуучуларды майда нерсени түшүндүрүүдөн баштасак, ишибиз илгерилейт эле деген ойдомун.

Алимжандын ар бир чыгармасын мугалимдердин күнүмдүк сабактын даяр көргөзмөсү деп эсептейт элем. Ар бир күнкү таза ойлор тилекке айланып, бири-бирибизге жарык чачып, "өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк" бололу!

**Токтокан ЧОКОЕВА,**
**Кыргыз улуттук Жазуучулар Союзунун мүчөсү,**
**Кара-Көл шаарынын ардактуу атуулу**

## ЖАШТАР БОРБОРУ АЧЫЛДЫ



Ош шаарында БУУнун Өнүктүрүү программасынын колдоосу менен жаңы муниципалдык Жаштар борбору ачылды.

Кабар маалымат агенттигинде жарыяланган маалыматка таянсак, 3 кабаттуу имаратта тил курстары, кулинария, робототехника, шахмат, лидерлик сабактары жана конференц-зал иштейт. Ошондой эле «Арууке» бий ансамбли да жайгашты.

Ачылышта мэр Жанар Акаев шаарда 13 сквер курулуп жатканын айтып, университеттердин архитектура жана дизайн студенттерин үч скверди долбоорлоого чакырды. Ал бул демилге алардын практикасы үчүн маанилүү экенин белгилеп, мэрия колдоо көрсөтөрүн айтты.

**«Эркин-Тоо» пресс**

# «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ДИПЛОМАТИЯЛЫК КЫЗМАТЫ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2026-жылдын 22-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

«Кыргыз Республикасынын дипломатиялык кызматы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2013-ж., №7, 926-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1-берене. Жөнгө салуу предмети

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын дипломатиялык кызматынын ишинин укуктук негизин белгилейт, анын милдеттерин, иш-милдеттерин аныктайт, ошондой эле Кыргыз Республикасынын дипломатиялык кызматынын кызматкерлеринин эмгек жана башка мамилелерин жөнгө салат.»;

2) 3-берененин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Консулдук кызматтын иши ушул Мыйзам, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин (мындан ары - Президент) чечими менен бекитилүүчү Консулдук устав жана Кыргыз Республикасынын башка тиешелүү ченемдик укуктук актылары менен регламенттелет.»;

3) 4-беренеде:

а) төмөнкүдөй мазмундагы онунчу абзац менен толукталсын:

«Кыргыз Республикасында турган Кыргыз Республикасынын Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси – бир же бир нече чет мамлекеттер жана эл аралык уюмдар менен болгон мамилелерде Кыргыз Республикасынын атынан чыгууга тиешелүү ыйгарым укуктарга ээ болгон, Кыргыз Республикасында туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын кызмат адамы;»;

б) он алтынчы жана он жетинчи абзацтар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«дипломатиялык кызматтын кызматкерлери - дипломатиялык жана консулдук кызмат орундарын, ошондой эле дипломатиялык кызмат органдарында мамлекеттик жарандык кызмат орундарын ээлеген Кыргыз Республикасынын жарандары;

акчалай күтүү – Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү мекемелеринин кызматкерлерине акчалай төлөмдөр;»;

4) 5-берененин 2-бөлүгүндө:

а) биринчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Президент ыйгарым укуктуу органдын сунуштамасы боюнча Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү мекемелерин уюштурат, алардын ишин токтотуп турат жана жоёт.»;

б) үчүнчү абзацта «Өкмөттүн» деген сөз «Кыргыз Республикасынын» деген сөздөргө алмаштырылсын;

в) төмөнкүдөй мазмундагы төртүнчү абзац менен толукталсын:

«Кыргыз Республикасында турган Кыргыз Республикасынын Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчисинин ишин уюштуруунун тартиби Президент тарабынан аныкталат.»;

5) 8-беренеде:

а) 2-пунктта «Өкмөткө», «Премьер-министрге» деген сөздөр тиешелүүлүгүнө жараша «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине (мындан ары – Министрлер Кабинети)», «Министрлер Кабинетинин Төрагасына» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) төмөнкүдөй мазмундагы $2^1$-пункт менен толукталсын:

«$2^1$) чет мамлекеттерди жана өкмөттөрдү таануу жөнүндө сунуштарды Президентке киргизүү;»;

в) 8 жана 9-пункттарда «Өкмөттүн» деген сөз «Министрлер Кабинетинин» деген сөздөргө алмаштырылсын;

г) 11-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«11) өзүнүн компетенциясынын алкагында улуттук коопсуздук, коргоо, жаратылыш жана суу-энергетикалык ресурстарын пайдалануу, айлана-чөйрөнү коргоо, Кыргыз Республикасына чет өлкөлүк инвестицияларды жана чет өлкөлүк туристтерди тартуу, тышкы экономикалык жана соода, илимий-техникалык, маданий-гуманитардык, миграциялык, ошондой эле чет мамлекеттер жана эл аралык уюмдар менен башка байланыштар сыяктуу чөйрөлөрдө Министрлер Кабинетинин саясатын жана иш-чараларын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышуу;»;

д) 14-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«14) Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттер менен дипломатиялык мамилелерди түзүүсү жөнүндө Президентке сунуштарды киргизүү;»;

е) төмөнкүдөй мазмундагы $14^1$-пункт менен толукталсын:

«$14^1$) Кыргыз Республикасынын эл аралык уюмдарга мүчөлүгү жөнүндө Президентке, Жогорку Кеңештин Төрагасына, Министрлер Кабинетинин Төрагасына сунуштарды киргизүү;»;

ж) 32-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«32) Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына жана эл аралык укуктун ченемдерине ылайык Президенттин, Жогорку Кеңештин Төрагасынын, Министрлер Кабинетинин Төрагасынын жана ыйгарым укуктуу органдын жетекчисинин чет мамлекеттерге сапарларын жүзөгө ашырууда, ошондой эле чет мамлекеттердин делегацияларынын жана эл аралык уюмдардын Кыргыз Республикасына бийик жана жогорку деңгээлдеги сапарларында Президенттин Администрациясынын жана Жогорку Кеңештин Аппаратынын протоколдук кызматтары менен биргеликте дипломатиялык протоколду камсыз кылуу;»;

6) 9-берененин 2-бөлүгүндө «Мамлекеттик органдардын Кыргыз Республикасынын тышкы саясат чөйрөсүндөгү өз ара аракеттенүүсү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында» деген сөздөр «Президент тарабынан» деген сөздөргө алмаштырылсын;

7) 10-берененин 4-бөлүгүндө, 11-берененин 3-бөлүгүндө, 29-беренеде «Өкмөт» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

8) 13-беренеде:

а) 2-бөлүктө:

- 8-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«8) Президенттин Администрациясынын жана Жогорку Кеңештин Аппаратынын эл аралык кызматташтык маселелерин тейлеген түзүмдүк бөлүмдөрүнүн бир же бир нече чет тилдерди билген жана ошол түзүмдүк бөлүмдөрдө 2 жылдан кем эмес үзгүлтүксүз иштеген кызматкерлери;»;

- 9-пунктта «, бирок бош кызмат ордуна дайындоого сунушталбаган» деген сөздөр алып салынсын;

б) 3-бөлүктө «Өкмөт» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

9) 14-беренеде:

а) 1-бөлүктө:

- биринчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Бош дипломатиялык, консулдук кызмат орундарына, ыйгарым укуктуу органдагы, ыйгарым укуктуу органдын алдындагы органдагы же ыйгарым укуктуу органдын өкүлчүлүгүндөгү мамлекеттик жарандык кызмат орундарына кадрлар резервине кирген, башка мамлекеттин жарандыгына таандык болбогон, жогорку кесиптик билимге ээ жана ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленген квалификациялык талаптарга ылайык келген Кыргыз Республикасынын жарандары ыйгарым укуктуу органдын аттестациялык-конкурстук комиссиясынын сунуштамасынын негизинде ыйгарым укуктуу органдын жетекчисинин чечими менен дайындалат.»;

- экинчи абзацта «же Премьер-министр» деген сөздөр алып салынсын;

б) 2-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Ыйгарым укуктуу орган төмөнкү кызмат ордуна дайындалуучу жана андан бошотулуучу талапкерлер боюнча Президентке сунуш киргизет:

1) Кыргыз Республикасынын Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси жана Кыргыз Республикасынын туруктуу өкүлү;

2) Кыргыз Республикасында турган Кыргыз Республикасынын Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси.

Ыйгарым укуктуу органдын сунуштамасы боюнча көрсөтүлгөн кызмат орундарына дипломатиялык кызмат органдарында, Президенттин Администрациясынын жана Жогорку Кеңештин Аппаратынын эл аралык кызматташтык маселелерин тейлеген түзүмдүк бөлүмдөрүндө жыйындысында 10 жылдан кем эмес иштеген Кыргыз Республикасынын жарандары дайындалат.

Өзгөчө учурларда ыйгарым укуктуу орган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик, коомдук же экономикалык өнүгүүсүнө салым кошкон Кыргыз Республикасынын жарандарын көрсөтүлгөн кызмат орундарына дайындоо үчүн Президентке сунуштама киргизет.

Ыйгарым укуктуу орган Кыргыз Республикасын эл аралык уюмдарда көрсөтүүгө ыйгарым укуктуу башка кызмат адамдарынын талапкерлиги боюнча Президентке жана Министрлер Кабинетинин Төрагасына сунуштарды киргизет, аларды кызмат ордуна дайындоо жана андан бошотуу Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык Президенттин жана Министрлер Кабинетинин Төрагасынын компетенциясына кирет.

Дипломатиялык кызмат органдарынын калган кызматкерлери ыйгарым укуктуу органдын жетекчиси тарабынан кызмат орундарына дайындалат жана кызмат орундарынан бошотулат.»;

в) төмөнкүдөй мазмундагы $2^1$-бөлүк менен толукталсын:

«$2^1$. Кыргыз Республикасынын башкы консулдары бир же бир нече чет тилин билген жана дипломатиялык кызмат органдарында жыйындысында 10 жылдан кем эмес иштеген Кыргыз Республикасынын жарандарынын ичинен Президент менен макулдашуу боюнча ыйгарым укуктуу органдын жетекчисинин чечими менен дайындалат.»;

10) 15-берененин 4-бөлүгүнүн экинчи абзацында «жана Премьер-министр» деген сөздөр алып салынсын;

11) 16-беренеде:

а) 2-бөлүктүн экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Президенттин Администрациясынын жана Жогорку Кеңештин Аппаратынын эл аралык кызматташуу маселелерин тейлеген түзүмдүк бөлүмдөрүнүн кызматкерлери Президенттин Администрациясынын жана Жогорку Кеңештин Аппаратынын тиешелүү түзүмдүк бөлүмүнүн жетекчисинин жазуу жүзүндөгү сунуштамасынын/сунушунун негизинде ыйгарым укуктуу органдын жетекчисинин чечими боюнча кесиптик квалификациясы, даярдык деңгээли, адистешүүсү бар болгон жана чет тилдерди билген шартта ээлеген кызмат ордунан бошотуу жана Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү мекемесинде кызмат ордуна дайындоо менен ЧУИге иш сапарга жөнөтүлөт.»;

б) 3-5-бөлүктөрдө «Президенттин Аппаратынын, Жогорку Кеңештин Аппаратынын жана Өкмөттүн Аппаратынын» деген сөздөр «Президенттин Администрациясынын жана Жогорку Кеңештин Аппаратынын» деген сөздөргө алмаштырылсын;

в) 6-бөлүктө:

- «Президенттин Аппаратынын, Жогорку Кеңештин Аппаратынын жана Өкмөттүн Аппаратынын» деген сөздөр «Президенттин Администрациясынын жана Жогорку Кеңештин Аппаратынын» деген сөздөргө алмаштырылсын;

- төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

«Жогоруда аталган кызматкерлердин тиешелүү чет өлкөлүк мекемеге келген датасы ЧУИде болуунун башталган датасы болуп эсептелет.»;

г) 7-бөлүктүн экинчи абзацында «жана Премьер-министр» деген сөздөр алып салынсын;

12) 17-берененин 3-5-бөлүктөрү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3. Дипломатиялык кызматтын кызматкерлерин аттестациялоо ыйгарым укуктуу органдын аттестациялык-конкурстук комиссиясы тарабынан жүзөгө ашырылат.

4. Ыйгарым укуктуу органдын аттестациялык-конкурстук комиссиясынын ыйгарым укуктары ыйгарым укуктуу органдын жетекчисинин чечими менен бекитилүүчү Ыйгарым укуктуу органдын аттестациялык-конкурстук комиссиясы жөнүндө жободо аныкталат.

5. Ыйгарым укуктуу органдын аттестациялык-конкурстук комиссиясы өзүнүн протокол түрүндө жол-жоболоштурулуучу чечими менен ыйгарым укуктуу органдын жетекчисине тиешелүү сунуш киргизет.»;

13) 18-берененин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацында «аттестациялык-конкурстук комиссиянын» деген сөздөр «ыйгарым укуктуу органдын аттестациялык-конкурстук комиссиясынын» деген сөздөргө алмаштырылсын;

14) 19-берененин 3-бөлүгүндө, 23-берененин 1-бөлүгүндө «Мамлекеттик кызмат жөнүндө» деген сөздөр «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» деген сөздөргө алмаштырылсын;

15) 20-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«20-берене. Дипломатиялык рангдарды ыйгаруу жана андан ажыратуу

1. Кыргыз Республикасынын Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчисинин, Кыргыз Республикасынын Атайын жана Ыйгарым укуктуу Кичи Элчисинин дипломатиялык рангдарын ыйгаруу жана андан ажыратуу ыйгарым укуктуу органдын жетекчисинин сунуштамасы боюнча Президент тарабынан жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү мекемелеринин башчыларына Кыргыз Республикасынын тышкы саясатын ишке ашырууга катышуусунун натыйжалуулугун эске алуу менен дипломатиялык кызмат ордунда 5 жылдан кем эмес стажы болгондо Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчинин жана Атайын жана Ыйгарым укуктуу Кичи Элчинин дипломатиялык рангдары ыйгарылышы мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчисинин, Кыргыз Республикасынын Атайын жана Ыйгарым укуктуу Кичи Элчисинин дипломатиялык рангдарын ыйгаруунун жана ажыратуунун тартиби Президент тарабынан аныкталат.

2. Ыйгарым укуктуу органдын жетекчиси тарабынан ыйгарым укуктуу органдын аттестациялык-конкурстук комиссиясынын сунуштамасынын жана Президенттин Администрациясынын жана Жогорку Кеңештин Аппаратынын эл аралык кызматташтык маселелерин тейлеген түзүмдүк бөлүмүнүн жетекчисинин жазуу жүзүндөгү сунуштамасынын негизинде дипломатиялык рангдар Президенттин Администрациясынын жана Жогорку Кеңештин Аппаратынын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүнүн кызматкерлерине, анын ичинде ушул Мыйзамдын 22-беренесинде каралган мөөнөтүнөн мурда же кезексиз тартипте ыйгарылышы мүмкүн.

3. Башка дипломатиялык рангдар ыйгарым укуктуу органдын жетекчиси тарабынан ыйгарылат.

Кыргыз Республикасынын Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчисинин жана Кыргыз Республикасынын Атайын жана Ыйгарым укуктуу Кичи Элчисинин дипломатиялык рангдарын кошпогондо, дипломатиялык рангдарды ыйгаруунун жана ажыратуунун тартиби Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

4. Дипломатиялык рангдарды ыйгаруу тийиштүү күбөлүктөрдү берүү жана кызматтык тизмеге (эмгек китепчесине) жазуу менен ырасталат.

Кыргыз Республикасынын Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчисинин, Кыргыз Республикасынын Атайын жана Ыйгарым укуктуу Кичи Элчисинин дипломатиялык рангын ыйгаруу жөнүндө күбөлүктүн формасы жана сыпаттамасы Президент тарабынан бекитилет, башка дипломатиялык рангдарды ыйгаруу жөнүндө күбөлүктүн формасы жана сыпаттамасы Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

Дипломатиялык рангдар, ажыратуу учурларын кошпогондо, ушул Мыйзамдын 21 жана 27-беренелеринин жоболорун эске алуу менен өмүр бою ыйгарылат.»;

16) 21-беренеде:

а) 1-бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

«Кезектеги дипломатиялык рангдар ушул Мыйзамда белгиленген мөөнөттөргө ылайык ыйгарылат.»;

б) 2-бөлүктүн 5-пунктунда «Президенттин Аппаратынын, Жогорку Кеңештин Аппаратынын жана Өкмөттүн Аппаратынын» деген сөздөр «Президенттин Администрациясынын жана Жогорку Кеңештин Аппаратынын» деген сөздөргө алмаштырылсын;

17) 24-берене:

а) төмөнкүдөй мазмундагы $2^1$-пункт менен толукталсын:

«$2^1$) Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген дипломатиялык кызмат өтөөгө байланышкан чектөөлөрдү өзүнө алууга;»;

б) төмөнкүдөй мазмундагы $6^1$-пункт менен толукталсын:

«$6^1$) ЧУИге жөнөтүү алдында түзүлгөн контракттын шарттарын сактоого;»;

18) 27-берененин 1-бөлүгүнүн биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Дипломатиялык кызматтын кызматкерлери укук бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартиптик, материалдык, кылмыш-жаза жана/же башка жоопкерчиликке тартылат.»;

19) 30-берененин 1-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Дипломатиялык кызматтын органдарын жана алардын кызматкерлерин, Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү мекемелеринин башка кызматкерлерин финансылык камсыз кылуу республикалык бюджеттин каражаттарынын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына карама-каршы келбеген тартипте алынган консулдук кызмат көрсөтүүлөрдөн жана башка каражаттардан түзүлгөн атайын эсептеги каражаттардын эсебинен жүзөгө ашырылат.»;

20) 31-беренеде:

а) 1-бөлүктө «Өкмөт» деген сөз «Президент» деген сөзгө алмаштырылсын;

б) 2 жана 3-бөлүктөрдө «Өкмөт» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2-берене**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Президентине ушул Мыйзамдан келип чыгуучу чараларды көрүү сунушталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети алты айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 1-июну, №77***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О ДИПЛОМАТИЧЕСКОЙ СЛУЖБЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ»

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 22 апреля 2026 года*

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О дипломатической службе Кыргызской Республики» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2013 г., № 7, ст. 897) следующие изменения:

1) статью 1 изложить в следующей редакции:

«Статья 1. Предмет регулирования

Настоящий Закон устанавливает правовую основу деятельности дипломатической службы Кыргызской Республики, определяет ее задачи, функции, а также регулирует трудовые и иные отношения сотрудников дипломатической службы Кыргызской Республики.»;

2) абзац второй части 2 статьи 3 изложить в следующей редакции:

«Деятельность консульской службы регламентируется настоящим Законом, а также Консульским уставом, утверждаемым решением Президента Кыргызской Республики (далее - Президент), и иными соответствующими нормативными правовыми актами Кыргызской Республики.»;

3) в статье 4:

а) дополнить абзацем десятым следующего содержания:

«Чрезвычайный и Полномочный Посол Кыргызской Республики с нахождением в Кыргызской Республике - должностное лицо Кыргызской Республики с постоянным местом нахождения в Кыргызской Республике, имеющее соответствующие полномочия представлять Кыргызскую Республику в отношениях с одним или несколькими иностранными государствами и международными организациями;»;

б) абзацы шестнадцатый и семнадцатый изложить в следующей редакции:

«сотрудники дипломатической службы - граждане Кыргызской Республики, занимающие дипломатические и консульские должности, а также государственные гражданские должности в органах дипломатической службы;

денежное содержание - денежные выплаты сотрудникам загранучреждений Кыргызской Республики;»;

4) в части 2 статьи 5:

а) абзац первый изложить в следующей редакции:

«2. Президент учреждает, приостанавливает деятельность и упраздняет загранучреждения Кыргызской Республики по представлению уполномоченного органа.»;

б) в абзаце третьем слово «Правительства» заменить словами «Кыргызской Республики»;

в) дополнить абзацем четвертым следующего содержания:

«Порядок организации деятельности Чрезвычайного и Полномочного Посла Кыргызской Республики с нахождением в Кыргызской Республике определяется Президентом.»;

5) в статье 8:

а) в пункте 2 слова «Правительству», «Премьер-министру» заменить соответственно словами «Кабинету Министров Кыргызской Республики (далее - Кабинет Министров)», «Председателю Кабинета Министров»;

б) дополнить пунктом $2^1$ следующего содержания:

«$2^1$) внесение Президенту предложений о признании иностранных государств и правительств;»;

в) в пунктах 8 и 9 слово «Правительства» заменить словами «Кабинета Министров»;

г) пункт 11 изложить в следующей редакции:

«11) участие в рамках своей компетенции в разработке и реализации политики и мероприятий Кабинета Министров в таких сферах, как национальная безопасность, оборона, использование природных и водно-энергетических ресурсов, охрана окружающей среды, привлечение иностранных инвестиций и иностранных туристов в Кыргызскую Республику, внешнеэкономические и торговые, научно-технические, культурно-гуманитарные, миграционные, а также иные связи с иностранными государствами и международными организациями;»;

д) пункт 14 изложить в следующей редакции:

«14) внесение Президенту предложений об установлении дипломатических отношений Кыргызской Республики с иностранными государствами;»;

е) дополнить пунктом $14^1$ следующего содержания:

«$14^1$) внесение Президенту, Торага Жогорку Кенеша, Председателю Кабинета Министров предложений о членстве Кыргызской Республики в международных организациях;»;

ж) пункт 32 изложить в следующей редакции:

«32) обеспечение дипломатического протокола совместно со службами протокола Администрации Президента и Аппарата Жогорку Кенеша при осуществлении визитов в иностранные государства Президента, Торага Жогорку Кенеша, Председателя Кабинета Министров и руководителя уполномоченного органа, а также при визитах делегаций иностранных государств и международных организаций в Кыргызскую Республику на высоком и высшем уровне в соответствии с нормативными правовыми актами Кыргызской Республики и нормами международного права;»;

6) в части 2 статьи 9 слова «Законом Кыргызской Республики «О взаимодействии государственных органов в сфере внешней политики Кыргызской Республики» заменить словом «Президентом»;

7) в части 4 статьи 10, части 3 статьи 11, статье 29 слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

8) в статье 13:

а) в части 2:

- пункт 8 изложить в следующей редакции:

«8) сотрудники структурных подразделений Администрации Президента и Аппарата Жогорку Кенеша, ведающих вопросами международного сотрудничества, владеющие одним или несколькими иностранными языками и непрерывно проработавшие в данных структурных подразделениях не менее 2 лет;»;

- в пункте 9 слова «, но не рекомендованные к назначению на вакантную должность» исключить;

б) в части 3 слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

9) в статье 14:

а) в части 1:

- абзац первый изложить в следующей редакции:

«1. На вакантные дипломатические, консульские должности, государственные гражданские должности в уполномоченном органе, органе при уполномоченном органе или представительстве уполномоченного органа назначаются решением руководителя уполномоченного органа на основании рекомендации аттестационно-конкурсной комиссии уполномоченного органа зачисленные в резерв кадров граждане Кыргызской Республики, не принадлежащие к гражданству другого государства, имеющие высшее профессиональное образование и соответствующие квалификационным требованиям, устанавливаемым уполномоченным органом.»;

- в абзаце втором слова «или Премьер-министром» исключить;

б) часть 2 изложить в следующей редакции:

«2. Уполномоченный орган вносит предложение Президенту по кандидатурам, назначаемым и освобождаемым от должности:

1) Чрезвычайного и Полномочного Посла Кыргызской Республики и постоянного представителя Кыргызской Республики;

2) Чрезвычайного и Полномочного Посла Кыргызской Республики с нахождением в Кыргызской Республике.

На указанные должности по представлению уполномоченного органа назначаются граждане Кыргызской Республики, проработавшие в органах дипломатической службы, структурных подразделениях Администрации Президента и Аппарата Жогорку Кенеша, ведающих вопросами международного сотрудничества, в совокупности не менее 10 лет.

В исключительных случаях уполномоченный орган вносит Президенту представление на назначение на указанные должности граждан Кыргызской Республики, внесших вклад в государственное, общественное или экономическое развитие Кыргызской Республики.

Уполномоченный орган вносит предложения Президенту и Председателю Кабинета Министров по кандидатурам иных должностных лиц, уполномоченных представлять Кыргызскую Республику в международных организациях, назначение и освобождение которых отнесено к компетенции Президента и Председателя Кабинета Министров в соответствии с нормативными правовыми актами Кыргызской Республики.

Остальные сотрудники органов дипломатической службы назначаются на должности и освобождаются от должностей руководителем уполномоченного органа.»;

в) дополнить частью $2^1$ следующего содержания:

«$2^1$. Генеральные консулы Кыргызской Республики назначаются решением руководителя уполномоченного органа по согласованию с Президентом из числа граждан Кыргызской Республики, владеющих одним или несколькими иностранными языками и проработавших в органах дипломатической службы в совокупности не менее 10 лет.»;

10) в абзаце втором части 4 статьи 15 слова «и Премьер-министром» исключить;

11) в статье 16:

а) абзац второй части 2 изложить в следующей редакции:

«Сотрудники структурных подразделений Администрации Президента и Аппарата Жогорку Кенеша, ведающих вопросами международного сотрудничества, командируются в ДЗК по решению руководителя уполномоченного органа на основании письменного представления/предложения руководителя соответствующего структурного подразделения Администрации Президента и Аппарата Жогорку Кенеша при условии наличия профессиональной квалификации, уровня подготовки, специализации и знания иностранных языков с освобождением от занимаемой должности и назначением на должность в загранучреждении Кыргызской Республики.»;

б) в частях 3-5 слова «Аппарата Президента, Аппарата Жогорку Кенеша и Аппарата Правительства» заменить словами «Администрации Президента и Аппарата Жогорку Кенеша»;

в) в части 6:

- слова «Аппарата Президента, Аппарата Жогорку Кенеша и Аппарата Правительства» заменить словами «Администрации Президента и Аппарата Жогорку Кенеша»;

- дополнить абзацем следующего содержания:

«Датой начала пребывания в ДЗК считается дата прибытия вышеуказанных сотрудников в соответствующее загранучреждение.»;

г) в абзаце втором части 7 слова «и Премьер-министром» исключить;

12) части 3-5 статьи 17 изложить в следующей редакции:

«3. Аттестация сотрудников дипломатической службы осуществляется аттестационно-конкурсной комиссией уполномоченного органа.

4. Полномочия аттестационно-конкурсной комиссии уполномоченного органа определяются Положением об аттестационно-конкурсной комиссии уполномоченного органа, утверждаемым решением руководителя уполномоченного органа.

5. Аттестационно-конкурсная комиссия уполномоченного органа своим решением, которое оформляется в виде протокола, вносит руководителю уполномоченного органа соответствующее предложение.»;

13) в абзаце втором части 1 статьи 18 слова «аттестационно-конкурсной комиссии» заменить словами «аттестационно-конкурсной комиссии уполномоченного органа»;

14) в части 3 статьи 19, части 1 статьи 23 слова «О государственной службе» заменить словами «О государственной гражданской службе и муниципальной службе»;

15) статью 20 изложить в следующей редакции:

«Статья 20. Присвоение и лишение дипломатических рангов

1. Присвоение и лишение дипломатических рангов Чрезвычайного и Полномочного Посла Кыргызской Республики, Чрезвычайного и Полномочного Посланника Кыргызской Республики производится Президентом по представлению руководителя уполномоченного органа.

Главам загранучреждений Кыргызской Республики могут быть присвоены дипломатические ранги Чрезвычайного и Полномочного Посла и Чрезвычайного и Полномочного Посланника при наличии стажа не менее 5 лет на дипломатической должности с учетом эффективности участия в реализации внешней политики Кыргызской Республики.

Порядок присвоения и лишения дипломатических рангов Чрезвычайного и Полномочного Посла Кыргызской Республики, Чрезвычайного и Полномочного Посланника Кыргызской Республики определяется Президентом.

2. Руководителем уполномоченного органа на основании рекомендации аттестационно-конкурсной комиссии уполномоченного органа и письменного представления руководителя структурного подразделения Администрации Президента и Аппарата Жогорку Кенеша, ведающего вопросами международного сотрудничества, дипломатические ранги могут присваиваться сотрудникам соответствующих структурных подразделений Администрации Президента и Аппарата Жогорку Кенеша, в том числе в досрочном или во внеочередном порядке, предусмотренном статьей 22 настоящего Закона.

3. Другие дипломатические ранги присваиваются руководителем уполномоченного органа.

Порядок присвоения и лишения дипломатических рангов, за исключением дипломатических рангов Чрезвычайного и Полномочного Посла Кыргызской Республики, Чрезвычайного и Полномочного Посланника Кыргызской Республики, определяется Кабинетом Министров.

4. Присвоение дипломатических рангов подтверждается выдачей соответствующих свидетельств и записью в послужном списке (трудовой книжке).

Форма и описание свидетельства о присвоении дипломатического ранга Чрезвычайного и Полномочного Посла Кыргызской Республики, Чрезвычайного и Полномочного Посланника Кыргызской Республики утверждаются Президентом, форма и описание свидетельства о присвоении других дипломатических рангов утверждаются Кабинетом Министров.

Дипломатические ранги присваиваются пожизненно с учетом положений статей 21 и 27 настоящего Закона, за исключением случаев лишения.»;

16) в статье 21:

а) часть 1 дополнить абзацем следующего содержания:

«Очередные дипломатические ранги присваиваются в соответствии с установленными настоящим Законом сроками.»;

б) в пункте 5 части 2 слова «Аппарата Президента, Аппарата Жогорку Кенеша и Аппарата Правительства» заменить словами «Администрации Президента и Аппарата Жогорку Кенеша»;

17) в статье 24:

а) дополнить пунктом $2^1$ следующего содержания:

«$2^1$) принимать на себя ограничения, связанные с прохождением дипломатической службы, установленные Кабинетом Министров;»;

б) дополнить пунктом $6^1$ следующего содержания:

«$6^1$) соблюдать условия контракта, заключаемого перед направлением в ДЗК;»;

18) абзац первый части 1 статьи 27 изложить в следующей редакции:

«1. За совершение правонарушений сотрудники дипломатической службы несут дисциплинарную, материальную, уголовную и/или иную ответственность в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.»;

19) часть 1 статьи 30 изложить в следующей редакции:

«1. Финансовое обеспечение органов дипломатической службы и их сотрудников, иных работников загранучреждений Кыргызской Республики осуществляется за счет средств республиканского бюджета, и средств специального счета, образованных от оказания консульских услуг и иных средств, полученных в порядке, не противоречащем нормативным правовым актам Кыргызской Республики.»;

20) в статье 31:

а) в части 1 слово «Правительством» заменить словом «Президентом»;

б) в частях 2 и 3 слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров».

**Статья 2**

1. Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

2. Рекомендовать Президенту Кыргызской Республики принять меры, вытекающие из настоящего Закона.

3. Кабинету Министров Кыргызской Республики в шестимесячный срок привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

**Президент Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 1 июня 2026 года, №77***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УКУК БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2026-жылдын 30-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине («Эркин-Тоо» гезити, 2021-жылдын 16-ноябры, №122-133) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) төмөнкүдөй мазмундагы $385^1$-берене менен толукталсын:

«$385^1$-берене. Адал индустрия чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын бузуу

1. Айыл чарба жаныбарларын багууда жана союуда, ошондой эле алардан алынган продукцияны жана чийки затты өндүрүүдө, чогултууда, кайра иштетүүдө, даярдоодо, сактоодо, ташууда жана жүгүртүүгө чыгарууда адал продукцияга карата техникалык регламенттерде жана стандарттарда белгиленген талаптарды бузуу -

жеке жактарга 75 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 230 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

2. Адал продукцияны өндүрүүдө пайдаланылуучу айыл чарба жаныбарлары жана балыктар үчүн тоютка карата талаптарды бузуу -

жеке жактарга 75 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 230 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

3. Адал продукцияга карата техникалык регламенттерде жана стандарттарда белгиленген талаптарга шайкештигин тастыктоочу документтерсиз адал продукцияны жүгүртүүгө чыгаруу менен байланышкан бузуу -

жеке жактарга 75 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 230 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

4. Адал кызмат көрсөтүүлөргө карата техникалык регламенттерде жана стандарттарда белгиленген талаптарга шайкештигин тастыктоочу документтерсиз адал кызмат көрсөтүүлөр менен байланышкан бузуу -

жеке жактарга 75 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 230 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

5. Адал продукциянын жана адал кызмат көрсөтүүлөрдүн шайкештигин тастыктоо жол-жоболорун жүргүзүү эрежелерин бузуу, адал продукциянын жана адал кызмат көрсөтүүлөрдүн шайкештигин тастыктоочу документтерди милдеттүү жол-жоболорду жүргүзбөстөн берүү -

юридикалык жактарга 650 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.»;

2) 465-беренe «385» деген цифралардан кийин «-беренелеринде, $385^1$-беренесинин 3-бөлүгүндө» деген сөздөр менен толукталсын;

3) 475-беренеде «385 жана 386-беренелеринде» деген сөздөр «385-беренелеринде, $385^1$-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүндө, 386-беренесинде» деген сөздөргө алмаштырылсын;

4) 494-берене «317-беренесинин 2-бөлүгүндө,» деген сөздөрдөн кийин «$385^1$-беренесинин 4 жана 5-бөлүктөрүндө,» деген сөздөр менен толуктaлсын.

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 1-июну, №78***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В КОДЕКС КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ О ПРАВОНАРУШЕНИЯХ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 30 апреля 2026 года*

**Статья 1**

Внести в Кодекс Кыргызской Республики о правонарушениях (газета «Эркин-Тоо» от 16 ноября 2021 года №122-133) следующие изменения:

1) дополнить статьей $385^1$ следующего содержания:

«Статья $385^1$. Нарушение требований законодательства Кыргызской Республики в сфере халал-индустрии

1. Нарушение требований, установленных техническими регламентами и стандартами в отношении халал-продукции при содержании и убое сельскохозяйственных животных, а также производстве, сборе, переработке, заготовке, хранении, транспортировке и выпуске в обращение продукции и сырья, полученных от них, -

влечет наложение штрафа на физических лиц в размере 75 расчетных показателей, на юридических лиц - 230 расчетных показателей.

2. Нарушение требований к кормам для сельскохозяйственных животных и рыб, используемых при производстве халал-продукции, -

влечет наложение штрафа на физических лиц в размере 75 расчетных показателей, на юридических лиц - 230 расчетных показателей.

3. Нарушение, связанное с выпуском в обращение халал-продукции без документов подтверждения соответствия согласно требованиям, установленным техническими регламентами и стандартами на халал-продукцию, -

влечет наложение штрафа на физических лиц в размере 75 расчетных показателей, на юридических лиц - 230 расчетных показателей.

4. Нарушение, связанное с оказанием халал-услуг без документов, подтверждающих соответствие требованиям, установленным техническими регламентами и стандартами на халал-услуги, -

влечет наложение штрафа на физических лиц в размере 75 расчетных показателей, на юридических лиц - 230 расчетных показателей.

5. Нарушение правил проведения процедур подтверждения соответствия халал-продукции и халал-услуг, выдача документов, подтверждающих соответствие халал-продукции и халал-услуг без проведения обязательных процедур, -

влекут наложение штрафа на юридических лиц в размере 650 расчетных показателей.»;

2) статью 465 после цифр «385,» дополнить словами «частью 3 статьи $385^1$, статьями»;

3) в статье 475 слова «385 и 386» заменить словами «385, частями 1 и 2 статьи $385^1$, статьей 386»;

4) статью 494 после слов «частью 2 статьи 317,» дополнить словами «частями 4 и 5 статьи $385^1$,».

**Статья 2**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 1 июня 2026 года, №78***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА СТУДЕНТТЕРДИН РЕГИОНДОР АРАЛЫК МОБИЛДҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын жарандарынын социалдык жана экономикалык абалына карабастан жеткиликтүү жана сапаттуу билим алууга болгон укугун ишке ашырууну камсыз кылуу, кадрдык потенциалды чыңдоо жана өлкөнүн бардык региондорунда билим берүү мүмкүнчүлүктөрүн тең салмактуу өнүктүрүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасында студенттердин региондор аралык мобилдүүлүгүн өнүктүрүү мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу багыттарынын бири катары белгиленсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

1) Кыргыз Республикасында студенттердин региондор аралык мобилдүүлүк программасын иштеп чыксын жана бекитсин, анда төмөнкүлөр каралсын:

– региондук тең салмактуулукту эске алуу менен мамлекеттик билим берүү гранттарынын квоталарын бөлүштүрүү;

– Кыргыз Республикасында студенттердин региондор аралык мобилдүүлүк программасына катышкан студенттерге стипендияларды берүү;

– студенттерди ички авиаташуулар менен камсыз кылуу;

– Кыргыз Республикасында студенттердин региондор аралык мобилдүүлүк программасынын шарттарына ылайык зарылдыгына жараша жана каражаттарды өздөштүрүүнү эске алуу менен кеминде 9000 студентти жайгаштырууга эсептелген жатаканаларды этабы менен жана системалуу түрдө куруу;

– жатаканаларды спорт аянтчалары, ашканалар, окуу борборлору жана башка зарыл инфраструктура менен камсыз кылуу;

2) «Кыргыз Республикасынын 2027-жылга жана 2028–2029-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгууда студенттердин стипендияларын жана транспорттук чыгымдарын төлөө боюнча чыгымдарга тиешелүү каражаттарды белгиленген тартипте карасын. Студенттик жатаканаларды курууну Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган каржылоо булактарынын эсебинен ишке ашырсын;

3) бул Жарлыктан келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**3.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 2-июну, №194***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 23-МАРТЫНДАГЫ №63 «ӨЛКӨ ҮЧҮН ИШКЕ АШЫРЫЛУУСУ СТРАТЕГИЯЛЫК МААНИГЕ ЭЭ БОЛГОН УЛУТТУК ДОЛБООРЛОР ЖӨНҮНДӨ» ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Инфраструктураны өнүктүрүүгө, өлкөнүн инвестициялык жагымдуулугун жогорулатууга, жумуш орундарын түзүүгө жана калктын жашоосунун сапатын жакшыртууга багытталган улуттук инвестициялык долбоорлорду жана мамлекеттик маанидеги социалдык маанилүү долбоорлорду системалуу ишке ашырууну камсыз кылуу, мамлекеттик жана эл аралык маанидеги иш-чараларды өткөрүү үчүн туруктуу шарттарды түзүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 23-мартындагы №63 «Өлкө үчүн ишке ашырылуусу стратегиялык мааниге ээ болгон улуттук долбоорлор жөнүндө» Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 1-пункттун бешинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«мамлекеттик маанидеги долбоорлор – бул мамлекеттик башкаруу, экономика, туризм жана социалдык чөйрө тармагындагы стратегиялык инфраструктуралык объекттерди түзүүгө жана (же) өнүктүрүүгө багытталган долбоорлор, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин жана (же) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечимдерине ылайык ишке ашырылуучу, эл аралык спорттук, маданий, туристтик жана башка коомдук мааниге ээ иш-чараларды даярдоо жана өткөрүү менен байланышкан, мамлекеттик бюджеттин каражаттарынан, тартылган каражаттардын эсебинен толугу менен же жарым-жартылай каржылануучу жана (же) мамлекеттик активдер салым катары пайдаланылган долбоорлор болуп саналат.».

**2.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 2-июну, №195***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН ИНВЕСТОРЛОРДУН ОРТОСУНДА ТҮЗ СҮЙЛӨШҮҮЛӨР ЖОЛУ МЕНЕН ИНВЕСТИЦИЯЛЫК МАКУЛДАШУУЛАРДЫ ТҮЗҮҮ ТАРТИБИ ЖАНА ШАРТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

«Кыргыз Республикасындагы инвестициялар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесин ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен инвесторлордун ортосунда түз сүйлөшүүлөр жолу менен инвестициялык макулдашууларды түзүү тартиби жана шарттары жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 1-июну, №382***

## 2026–2030-ЖЫЛДАРГА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ШАХМАТТЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ПОПУЛЯРДАШТЫРУУ БОЮНЧА КЕЧИКТИРИЛГИС ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Акыркы жылдары Кыргыз Республикасында жарандардын сергек жашоо мүнөзүн калыптандыруу, өсүп келе жаткан муундун руханий жана физикалык жактан өнүгүүсү боюнча бир катар чаралар ишке ашырылды. Инсанды ар тараптуу өнүктүрүүдө, заманбап жашоо шарттарына адаптациялоодо дене тарбиянын жана спорттун мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланууга жана балдар менен жаштардын жаңы баалуулуктарын калыптандырууга багытталган иш-чараларды жүзөгө ашыруу өзгөчө мааниге ээ болууда.

Дүйнөгө белгилүү жана кеңири тараган спорттун түрлөрүнүн бири – шахмат. Кыргыз Республикасында шахмат спорту активдүү өнүгүп жатат, ага «Кыргыз Шахмат Союзу» юридикалык жактардын бирикмесинин (мындан ары – Кыргыз Шахмат Союзу) иши өбөлгө түзүүдө. Оюнду популярдаштыруу мектеп окуучулары, жаштар жана улуу муундар арасында да жүргүзүлүүдө. Мектеп окуучуларынын жана студенттердин турнирлерин кошо алганда, калктын ар кандай курактагы категорияларынын жана топторунун арасында өлкөнүн биринчиликтери үзгүлтүксүз өткөрүлүп турат. Кыргызстандын улуттук курамалары командалык чемпионаттарга, анын ичинде азия биринчиликтерине үзгүлтүксүз катышууда. Жарандарды, өзгөчө балдарды жана жаштарды шахматка спорттун түрү катары тартуу интеллектуалдык потенциалды, аналитикалык жана логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Кыргыз Республикасы эл аралык шахмат демилгелерине кошулду. Кыргыз Шахмат Союзу курамында учурда 200дөн ашык улуттук шахмат федерациясы бар болгон Эл аралык шахмат федерациясынын (ФИДЕ) мүчөсү болуп саналат. Белгилей кетсек, 2019-жылдын 2-декабрында Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясынын шахматты өнүктүрүү жөнүндө атайын резолюциясы кабыл алынып, ага ылайык 20-июль Бүткүл дүйнөлүк шахмат күнү деп жарыяланган. Кыргызстан 2026-жылы Freedom Asian Chess Initiatives (FACI) эл аралык демилгесинин расмий катышуучусу болуп, региондо шахматты өнүктүрүү чөйрөсүндөгү системалуу кызматташуунун жаңы этабын ачты. Бул демилге Freedom Holding Corp., FIDE жана Asian Chess Federation колдоосу менен ишке ашырылууда. FACI Азия өлкөлөрүндө шахмат инфраструктурасын туруктуу өнүктүрүүгө багытталган жана төмөнкүлөрдү камтыйт: улуттук федерацияларды чыңдоо; машыктыруучулардын жана калыстардын квалификациясын жогорулатуу; окуу-машыгуу жыйындарын жана билим берүү семинарларын өткөрүү; мектептерде шахматты өнүктүрүүгө көмөктөшүү; шахмат турнирлерин; региондо шахматты өнүктүрүүгө багытталган башка иш-чараларды уюштуруу.

Ошону менен бирге эгемендүүлүк жылдарындагы Кыргыз Республикасында шахматтын өнүгүшүн талдоо бул чөйрөдө олуттуу проблемалардын бар экендигин көрсөтүп турат. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өлкөдө шахматты өнүктүрүү маселелерине тийиштүү көңүл бурбай жатат. Олуттуу натыйжаларга жетүү, жогорку деңгээлдеги шахматчыларды даярдоо, өлкөдө турнирлерди, анын ичинде эл аралык шахмат турнирлерин өткөрүү, шахмат боюнча машыктыруучулар мектебин өнүктүрүү, эл аралык мелдештерге катышуу жана шахматты системалуу түрдө өнүктүрүү үчүн таптакыр башка деңгээлдеги ресурстар жана каржылоо талап кылынат, алар шахматты өнүктүрүүгө жана популярдаштырууга мамлекеттин активдүү катышуусу менен гана мүмкүн болот.

Кыргыз Республикасында шахматты өнүктүрүү системалуу жана комплекстүү мамилени талап кылары анык. Бул шахматты өнүктүрүүнүн милдеттерин жана максаттарын эске алууга, тигил же бул иш-чараларды ишке ашыруунун артыкчылыгын аныктоого, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана Кыргыз Шахмат Союзунун ортосунда ыйгарым укуктарды жана жоопкерчиликти бөлүштүрүүгө, шахматты өнүктүрүүгө жана популярдаштырууга коомдук уюмдардын жана коммерциялык түзүмдөрдүн, эл аралык шахмат уюмдарынын катышуусун караштырууга мүмкүндүк берет.

Шахматты калк арасында кеңири пропагандалоо, өсүп келе жаткан муундун интеллектуалдык потенциалын калыптандыруу үчүн шарттарды түзүү, шахматты спорттун массалык түрүнө айландыруу, шахматчыларды даярдоо системасын өркүндөтүү, таланттуу балдарды тандоо жана республиканын шахмат мектебин түзүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** Шахматты өнүктүрүү жана популярдаштыруу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик социалдык саясатынын артыкчылыктуу багыттарынын бири катары аныкталсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Кыргыз Шахмат Союзу менен биргеликте 2026-жылдын 1-сентябрына чейин 2026–2030-жылдарга Кыргыз Республикасында шахматты өнүктүрүүнүн жана популярдаштыруунун комплекстүү улуттук программасынын (мындан ары – Улуттук программа) долбоорун, анын ичинде төмөнкү иш-чараларды кароо менен даярдасын жана бекитүүгө киргизсин:

1) Улуттук программанын максаты – Кыргыз Республикасында шахматты өнүктүрүү жана популярдаштыруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуучу шарттарды түзүү; калктын бардык категориялары жана топтору үчүн шахмат менен машыгуунун массалык формаларын өнүктүрүү; спорттук резервди даярдоо жана кыргыз шахматчыларынын эл аралык спорттук аренада атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу;

2) Улуттук программанын милдети – балдарды, өспүрүмдөрдү жана жаштарды мүмкүн болушунча максималдуу түрдө шахмат менен системалуу алектенүүгө тартуу; шахматчыларды жана спорттук резервди даярдоо системасын өркүндөтүү, Кыргыз Республикасынын шахмат боюнча курама командаларынын спортчуларын расмий эл аралык мелдештерге даярдоонун натыйжалуулугун жогорулатуу; билим берүү уюмдарында шахмат боюнча бөлүмдөрдү ачуу, шаймандарды жана жабдууларды сатып алуу; «Мектептердеги шахмат» жана «Студенттик шахмат лигасы» долбоорлоруна тартуу аркылуу шахмат менен алектенген мектеп окуучуларынын, студенттердин үлүшүн көбөйтүү; шахматты өнүктүрүү үчүн зарыл болгон педагогикалык жана башка кадрларды даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу системасын өркүндөтүү; шахматтын материалдык-техникалык базасын чыңдоо жана инфраструктурасын өнүктүрүү, шахматты өнүктүрүүнүн региондук борборлорун түзүү; шахматты колдоого жана популярдаштырууга багытталган республикалык жана эл аралык шахмат мелдештерин, массалык иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү; шахматтын, анын ичинде анын массалык формаларынын туруктуу өнүгүшүн камсыз кылуучу ченемдик укуктук базаны шайкеш келтирүү; шахматты маалыматтык камсыздоо системасын түзүү; шахматты санариптештирүү, онлайн оюн платформаларын жана тиркемелерин, ошондой эле шахматчыларды аралыктан окутуунун формаларын өнүктүрүү;

3) шахматты өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары – шахматчыларды даярдоо системасын өркүндөтүү, кыргыз шахматчыларынын эл аралык аренада атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу; балдарды, өспүрүмдөрдү жана жаштарды, ошондой эле орто жана улуу курактагы топторду шахмат менен үзгүлтүксүз алектенүүгө тартуу жолу менен шахмат менен алектенгендердин санын көбөйтүү; шахмат боюнча спорттук калыстарды жана машыктыруучуларды, ошондой эле шахматты өнүктүрүү үчүн зарыл болгон педагогикалык кадрларды даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу системасын чыңдоо; Кыргыз Шахмат Союзунун, региондордогу шахмат борборлорунун ишине заманбап санариптик технологияларды киргизүү;

4) шахматты өнүктүрүүнүн жана популярдаштыруунун мамлекеттик колдоо – шахматты өнүктүрүүгө мамлекеттик колдоону камсыз кылуу; бардык курактагы категориялардын жана топтордун командаларынын катышуусу менен республика шахмат мелдештерин өткөрүүнүн бирдиктүү системасын киргизүү; шахматты жаңы уюштуруу принциптеринде – клубдук негизде андан ары өнүктүрүү; калктын ар кандай катмарларын, айрыкча балдарды жана өспүрүмдөрдү үзгүлтүксүз шахмат сабактарына массалык түрдө тартуу үчүн оптималдуу шарттарды түзүү; балдар, жаштар жана өспүрүмдөр арасындагы шахмат мелдештеринин системасын өркүндөтүү; таланттуу жаштарды издөө жана тарбиялоо; калктын шахматка болгон туруктуу кызыгуусун калыптандыруу; Улуттук программаны республикалык бюджеттин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттеринин каражаттарынын эсебинен, ошондой эле бюджеттен тышкары булактардын, анын ичинде эл аралык шахмат уюмдарынын финансылык жардамдарынын эсебинен каржылоону жүзөгө ашыруу; шахмат клубдарынын уюштуруучулары (менчик ээлери) болуп саналган же Улуттук программанын иш-чараларын ишке ашырууда демөөрчүлүк колдоо көрсөткөн юридикалык жактарга салыктык жана башка жеңилдиктерди берүү;

5) Улуттук программаны ишке ашыруунун максаттуу көрсөткүчтөрү – кыргыз шахматчыларынын шахмат боюнча эл аралык мелдештердеги жетишкендиктеринин деңгээли, шахмат боюнча расмий эл аралык мелдештерде Кыргыз Республикасынын курама командаларынын алган медалдарынын саны; шахмат менен алектенгендердин масштабы жана саны; шахмат боюнча машыктыруучулардын, окутуучулардын саны; региондук шахмат борборлорунун саны; шахмат сабактарынын, анын ичинде аймактык шахмат борборлору тарабынан өткөрүлүүчү массалык формаларын киргизүү боюнча уюштуруу иш-чараларынын саны; калктын ар кандай курактык категорияларынын жана топторунун арасында, анын ичинде билим берүү уюмдарында окуган адамдардын арасында иш-чаралардын саны; шахмат боюнча спорттук калыстардын саны; шахмат боюнча машыктыруучулардын, окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу боюнча иш-чаралардын саны, аларды өткөрүүнүн мезгилдүүлүгү (жылына саны); шахмат боюнча илимий-методикалык иштелмелердин саны; региондук шахматты өнүктүрүү борборлорунун саны; «Мектептердеги шахмат» долбоорун ишке ашыруу, «Студенттик шахмат лигасын» түзүү;

6) Улуттук программаны ишке ашыруудан күтүлгөн натыйжалар;

7) Улуттук программаны ишке ашыруу механизми;

8) Улуттук программаны ишке ашыруунун мөөнөттөрү жана этаптары;

9) Улуттук программанын аткарылышын контролдоону уюштуруу – Улуттук программаны ишке ашыруунун жүрүшү жана натыйжалары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын, Кыргыз Шахмат Союзунун жыйналыштарында, илимий-практикалык конференцияларда каралат.

Белгиленген иш-чаралардын аткарылышын үзгүлтүксүз контролдоо, алынган маалыматтарга жалпыланган талдоо жүргүзүү зарыл болгон учурда Улуттук программаны өз убагында түзөтүүгө мүмкүндүк берет.

Улуттук программаны башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатууга төмөндөгүлөр өбөлгө түзөт: Улуттук программанын иш-чараларынын аткарылышы жана программанын катышуучуларынын өзүнө алган милдеттенмелеринин аткарылышы жөнүндө маалыматтарды үзгүлтүксүз жана ачык жарыялоо; бюджеттик эмес жана кредиттик ресурстарды тартуу тажрыйбасын жалпылоо жана талдоо, Улуттук программанын катышуучулары үчүн сунуштамаларды иштеп чыгуу.

**3.** Кыргыз Шахмат Союзу, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги, Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги, Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттиги, жергиликтүү аткаруу бийлигинин органдары – Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчылары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчылары Улуттук программанын иш-чараларынын өз убагында аткарылышы, бөлүнгөн бюджеттик каражаттардын сарамжалдуу пайдаланылышы үчүн жоопкерчилик тартат деп белгиленсин.

**4.** Заманбап материалдык-техникалык базаны түзүүгө, шахматты өнүктүрүүгө жана популярдаштырууга көмөктөшүү үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин фондунан 100 000 000 (жүз миллион) сом бөлүү менен Кыргыз Шахмат Союзуна караштуу Кыргыз Республикасында шахматты өнүктүрүү фонду түзүлсүн.

**5.** Кыргыз Республикасында шахматты өнүктүрүү фондунун каражаттарын түзүүнүн булагы болуп жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, эл аралык шахмат уюмдарынын – Эл аралык шахмат федерациясынын (ФИДЕ), Азия шахмат федерациясынын (АШФ), ошондой эле чет өлкөлөрдүн шахмат уюмдарынын (федерациялардын, ассоциациялардын), эл аралык демөөрчүлөрдүн, донорлордун финансылык жардамы жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактар эсептелет деп белгиленсин.

**6.** Кыргыз Шахмат Союзу эки жумалык мөөнөттө Кыргыз Шахмат Союзуна караштуу Кыргыз Республикасында шахматты өнүктүрүү фондунун уставын иштеп чыксын жана Кыргыз Республикасынын Президентине бекитүүгө киргизсин.

**7.** Кыргыз Республикасындагы 500 мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарындагы 3–5-класстардын окуучулары, билим алуучулары үчүн шахмат ийримдерине кошумча билим берүү – «Мектептердеги шахмат» долбоору пилоттук режимде киргизилсин.

**8.** «Мектептердеги шахмат» пилоттук долбоорун ишке ашыруу мөөнөтү – кийин натыйжалуулугун баалоо жана долбоорду Кыргыз Республикасынын бардык жалпы билим берүү уюмдарына жайылтуу жөнүндө чечим кабыл алуу менен 1 жыл деп аныкталсын.

**9.** Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги:

1) пилоттук долбоордун катышуучулары – 500 жалпы билим берүү уюмунун тизмегин бекитсин;

2) 3–5-класстардын окуучуларына шахмат ийримдери үчүн кошумча билим берүүнүн типтүү программасын иштеп чыксын жана бекитсин;

3) шахмат ийримдерин жүргүзүү үчүн педагогикалык кадрларды даярдоону жана кайра даярдоону камсыз кылсын;

4) пилоттук долбоордун натыйжаларына 10 ай өткөндөн кийин мониторинг жүргүзүүнү жана баалоону уюштурсун.

**10.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине ушул Жарлыкта 2026–2027-жылдарга каралган «Мектептердеги шахмат» пилоттук долбоорунун иш-чараларын ишке ашырууга, анын ичинде шахмат ийримдеринин окутуучуларына эмгек акы төлөөгө, шахмат шаймандарын, окуу-методикалык материалдарды сатып алууга, ошондой эле уюштуруу иш-чараларын өткөрүүгө 2026-жылы республикалык бюджеттин эсебинен 350 800 000 (үч жүз элүү миллион сегиз жүз миң) сом өлчөмүндөгү акча каражаттарын карасын жана бөлүп берсин.

**11.** Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлери Улуттук программаны ишке ашыруунун координаторлору болуп саналат деп белгиленсин.

**12.** Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги, Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги, Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттиги өлкөдө шахматты өнүктүрүү жана популярдаштыруу маселелерин, шахмат клубдарынын, шахмат мектептеринин, шахмат боюнча окутуучулардын жана машыктыруучулардын ишин жалпыга маалымдоо каражаттарында үзгүлтүксүз жана кеңири чагылдырсын.

**13.** Жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Шахмат Союзунун сунушу менен тапшырылуучу «Жылдын мыкты шахматчысы», «Шахмат боюнча жылдын мыкты машыктыруучусу» деген Кыргыз Республикасынын Президентинин атайын сыйлыктары уюштурулсун.

**14.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**15.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 3-июну, №196***

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити




ӨНДҮРҮҮЧҮ ЭМНЕ ДЕЙТ?

*"Талас даамы" ишканасынын директору,* **Бактыбек ТУУГАНБАЕВ:**

# «СҮТТҮН БААСЫ ИРИ ФЕРМАЛАР ТҮЗҮЛГӨНДӨ ГАНА ЧЕЧИЛЕТ»

***Өлкөбүз мал чарбачылыгы өнүккөн мамлекеттердин катарына киргени менен акыркы жылдары эт менен сүттүн баасы туруктуу болбой, бул тармактагы азык-түлүктөрдүн наркы жылдан-жылга өсүүдө. Ошол эле учурда айыл жергесинде мал багып, сүт өндүрүп жаткан фермерлер дагы бир катар көйгөйлөргө туш болуп келишет. Бул жолу Талас облусундагы «Талас даамы» сүт ишканасынын директору Бактыбек Тууганбаев менен сүт тармагынын бүгүнкү абалы, анын негизги көйгөйлөрү жана келечеги тууралуу маек курдук.***

**– Бактыбек Озорбаевич, сиз сүт багытында көп жылдан бери эмгектенип келе жаткан ишкер катары бул тармактагы көйгөйлөрдү байма-бай көтөрүп келесиз. Бүгүнкү күндө сүт өндүрүүчүлөр кандай маселелер менен иш алып барып жатышат?**

– «Талас даамы» ишканасынын түзүлгөнүнө быйыл 23 жыл болду. Азыркы учурда облус боюнча 5000ге жакын адамдан сүт чогултабыз. Ишибизди жаңы баштаган жылдары элдин жашоо-шарты кыйла оор болчу. Азыр мурдагыга салыштырмалуу турмуш деңгээл жакшырды. Бирок жашоо-шарттын оңолушу менен көптөр мал багуунун түйшүгүн тарткысы келбей, шаарга же чет өлкөлөргө кетүүнү артык көрүп калышты.

Коомчулукта сүт азыктарынын баасы көтөрүлүп кетсе эле кайра иштетүүчү заводдорду күнөөлөп, маселенин түпкү себебине көңүл бургандар аз. Чындыгында көйгөй кайра иштетүүчү ишканаларда эмес, чийки заттын жетишсиздигинде жатат. Эгер өлкөдө эт жана сүт багытындагы ири чарбалар көбөйүп, заманбап фермалар түзүлсө, өндүрүш көлөмү да өсөт эле. Ишкерлер экспорттук рынокторго чыгууга мүмкүнчүлүк алып, тармактын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү жогоруламак. Натыйжада өндүрүштүн өздүк наркы төмөндөп, баалардын туруктуулугу камсыздалмак.

Ошондуктан айыл жерлеринде жүздөгөн баш бодо мал кармаган ири фермаларды түзүү мезгил талабы болуп калды. Андай чарбаларда саан жүргүзүү, тоют берүү жана малды кароо процесстери автоматташтырылып, заманбап технологиялар колдонулушу керек. Мына ошондо гана сүт тармагындагы көптөн бери чечилбей келе жаткан маселелерди системалуу түрдө жөнгө салууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

**– Өкмөт тарабынан дыйкан-фермерлерди колдоо максатында жеңилдетилген насыялар берилип жатат. Бул мүмкүнчүлүктөр сүт багытында иш алып барган фермерлерге канчалык деңгээлде жеткиликтүү болууда?**

– Өткөн жылы сүт багытындагы чарбаларды өнүктүрүү үчүн мамлекет тарабынан 3 пайыздык үстөк менен 2 млрд сом жеңилдетилген насыя бөлүнгөн. Бирок анын болгону 450 млн сомго жакын бөлүгү гана өздөштүрүлгөн. Мунун негизги себептеринин бири – сүт багытындагы асыл тукум уйларды сырттан алып келүүдөгү тоскоолдуктар. Мындай малдардын көбү Европа өлкөлөрүнөн жана Орусиядан ташылып келет. Акыркы жылдары чек аралардагы чектөөлөрдөн улам фермерлер мал сатып алып келүүдө олуттуу кыйынчылыктарга туш болушту. Маселен, Казакстан дагы чек арасын жакында гана ачты.

Мамлекет каржылык колдоо көрсөткөндөн кийин фермерлерге асыл тукум малды алып келүү маселесин да комплекстүү чечип бериши керек. Эгер биз ири сүт фермаларын түзө алсак, ички рынокту камсыздоо менен катар экспорттук багытта дагы ишенимдүү иш жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк жаралат. Сүт азыктарын экспорттоо жеке ишкерлер үчүн гана эмес, жалпы өлкө экономикасы үчүн дагы маанилүү багыт болуп саналат.

Учурда сүт өндүрүүчү ишканалар экспортто бир катар тоскоолдуктарга туш болууда. Анын ичинде мал арасында ар кандай жугуштуу оорулардын катталышы дагы чоң көйгөй жаратып жатат. Ушул маселелер боюнча мен Талас облусундагы Президенттин ыйгарым укуктуу өкүлү Эрмат Жумаевге кайрылып, облус боюнча сүт багытында иш алып барып жаткан жыйырмага жакын фермерди колдоо боюнча сунуш киргизген элем.







Коңшу Өзбекстан бул маселеге мамлекеттик деңгээлде көңүл буруп жатат. Алар чек арадагы кыйынчылыктарга карабастан фермерлерге жардам берүү үчүн асыл тукум малдарды аба транспорту аркылуу алып келүүнүн жолдорун карашууда. Биз дагы учурда ортомчулар менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, ушундай мүмкүнчүлүктөрдү изилдеп жатабыз. Бирок бул маселелерди жеке фермерлер эмес, мамлекет менен биргеликте чечкенде гана натыйжалуу болот.

2022-жылы Талас облусунун бир катар фермерлери өз демилгебиз менен Орусияга барып, ал жактагы ири чарбалардын иштажрыйбасы менен таанышып келгенбиз. Саратов облусундагы Трудовой айылында бир фермердин 13 миң баш уй кармаган чарбасын көрдүк. Ал голштин-ивансний багытындагы уйларды багып, күн сайын 160 тоннага чейин сүт өндүрөт экен. Бул тажрыйба биздин фермерлер үчүн чоң сабак болду. Ошол сапардан кийин барган фермерлердин бири 100 баш, дагы бири 50 баш сүт багытындагы уй алып, өз чарбасын кеңейтишти.

**– Айыл жерлеринде сүт өткөргөн тургундар сүт заводдору сүттү арзан баада кабыл алып жатат деген дооматтарды көп айтышат. Бул маселе боюнча сиздин көз карашыңыз кандай?**

– Биздеги көпчүлүк үй шартында багылган уйлар суткасына орточо 7–8 л сүт берет. Бир жылда 365 күн болсо, анын болжол менен эки айында уй байып, сүт бербей калат. Демек, бир уй жылына орто эсеп менен 2300–2400 л сүт өндүрөт. Мисалы, Таласта бир уй күнүнө орточо 7 л, Чүйдө 8 л сүт берет. Ал эми Орусияда бул көрсөткүч 20 л, Беларуста 25 л, Европа өлкөлөрүндө "семинтал" породасы 25 л, "галстин» породасы 30–40 литрге чейин берет. Чынында, бүгүнкү күндө сүттүн сатып алуу баасы 100 сомго жеткен күндө дагы тармактагы бардык чыгымдарды толук жабуу оңой эмес. Ошондуктан негизги көңүлдү баага эмес, өндүрүмдүүлүктү жогорулатууга бурушубуз керек.

Бүгүнкү күндө сүт өндүрүп киреше табам деген фермер кеминде 20–25 л сүт берген асыл тукум уйларды багууга өтүшү зарыл. Тилекке каршы, акыркы 30 жыл аралыгында өлкөгө жогорку өндүрүмдүү асыл тукум уйлар массалык түрдө алынып келинген жок. Мисалы, Талас облусуна 2022-жылдан бери болгону 200 баштай гана асыл тукум уй келген.

Мурда чек аралар ачык кезде бир уйду 2600 евро чейин




алып келүүгө мүмкүн болсо, азыр аба жолу аркылуу ташыганда анын баасы 4100 еврого чейин жетип жатат. Мындай чыгымды жаңыдан иш баштаган фермердин көтөрүшү өтө кыйын. Ошондуктан мамлекет бул багытта түздөн-түз колдоо көрсөтүшү керек. Коңшу Өзбекстанда фермерлерге дотациялык жардам берүү механизмдери иштеп жатат. Биз дагы ошондой тажрыйбаларды колдонуп, асыл тукум малдарды зарыл болсо аба транспорту аркылуу алып келүүгө шарт түзүшүбүз керек. Сүттүн баасына байланыштуу бардык жоопкерчиликти заводдорго жүктөй бербей, фермерлерди өнүктүрүүгө багытталган саясатка өтүү зарыл.

Өткөн жылы Германиянын Мюнхен шаарынан келген фермерлер менен жолуккутук. Алар өздөрүндө сүттүн сатып алуу баасы биздин акчага айландырганда болжол менен 40 сомдун тегерегинде экенин айтышты. Биз болсо кыш мезгилинде сүттү 45 сомдон алып калуудабыз. Жаңы дайындалган айыл чарба министри тоют базасын чыңдоо жана малдын породалык курамын жакшыртуу боюнча жакшы демилгелерди көтөрүүдө. Эми ошол иштер кагаз жүзүндө калбай, практикалык натыйжа берсе жакшы болмок. Тилекке каршы, мамлекет көп учурда сүт өндүрүүчүлөр менен кайра иштетүүчү ишканаларды өз алдынча эле маселени чечүүгө калтырып келет. Бир жагынан заводдорго сүттү 50 сомдон сатып алгыла деген талап коюлат. Бирок сүт кымбат алынганда анын чыгымы даяр продукциянын өздүк наркына кошулат. Натыйжада дүкөндөргө чыккан азыктын баасы дагы өсөт.

Азыр биз сүттү элден орточо 32 сомдон сатып алабыз. Аны ташуу, муздатуу жана кайра иштетүү чыгымдарын кошкондо заводго жеткенге чейин баасы 40 сомдун тегерегине чыгат. Мындан тышкары, калктан чогултулган сүттүн көпчүлүгү жогорку өндүрүмдүү сүт багытындагы уйлардан алынбагандыктан, анын сапаттык көрсөткүчтөрү дагы төмөнүрөөк болот. Биз болсо өнөктөш болуп иштеп жаткан фермерлерден 100–150 чакырым алыстыкта жайгашса дагы атайын транспорт жөнөтүп, муздаткыч жабдуулар аркылуу сүттү жыл бою үзгүлтүксүз сатып алабыз. Учурда биз менен туруктуу иштешкен беш фермер бар. Жалпысынан сүт багытында иштеген жыйырмадай фермер менен кызматташып келебиз. Алардын сүтүн жогорку баада сатып алып, бул тармактан кетип калбашы үчүн мүмкүн болушунча колдоо көрсөтүүгө аракет кылып жатабыз.

**– Сиздер чет өлкөлүк өнөктөштөр менен кызматташып, тажрыйба алмашуу иштерин жүргүзүп келесиздер. Бул багыттагы байкоолоруңуздар кандай?**

– Орусия жана Казакстан сыяктуу өлкөлөр менен салыштырып караганда, Кыргызстанда өндүрүлгөн сүт азыктарынын табигый сапаты жана даамдык өзгөчөлүктөрү кыйла жогору. Биздин өлкөнүн тоолуу аймакта жайгашканы, таза суу ресурстарынын көптүгү жана жайыттардын сапаты сүттүн табигый касиеттерине оң таасирин тийгизет. Ошондуктан биздин азыктар сапаты жагынан атаандашууга толук жөндөмдүү.

2005-жылдары Франциянын Жюра департаменти менен кызматташып, тажрыйба алмашуу иштерин жүргүзгөнбүз. Ошондо бизди таң калтырган нерсе – калкынын саны болжол менен Талас облусундай болгон аймакта эки жүзгө жакын кайра




иштетүүчү заводдун иштеп турушу болду. Бул ошол аймактагы өндүрүштүн, фермердик чарбалардын жана жалпы экономиканын канчалык деңгээлде өнүккөнүн көрсөтүп турат.

Биз дагы 2012-жылга чейин негизинен Казакстан рыногуна экспортко иштеп келгенбиз. Бирок кийин коңшу өлкө өз өндүрүүчүлөрүн коргоо максатында бир катар чектөөлөрдү киргизип, биздин ишкерлер үчүн экспорттук мүмкүнчүлүктөр кыйла татаалдашты. Бүгүнкү күндө Москва шаарындагы өнөктөштөр ай сайын 20 тоннага чейин май жеткирүү боюнча сунуштарды берип жатышат. Тилекке каршы, бизде өндүрүш көлөмү жетишсиз болгондуктан мындай суроо-талаптарды камсыздай албай жатабыз.

Коңшу Казакстанда өндүрүш тармагына мамлекеттик колдоо күчтүү жүргүзүлөт. Мисалы, ишкер 1 млн долларлык завод курса, анын чыгымынын 25 пайызын мамлекет субсидия катары төлөп берүүдө. Мындай шарттар инвесторлор үчүн чоң стимул болуп саналат. Мунун натыйжасында Кыргызстанда түптөлгөн айрым ири компаниялар дагы өндүрүшүн Казакстанга көчүрүп жатышат. Мисалы, «Шин-Лайн» компаниясы Казакстанга болжол менен 100 млн долларлык заманбап завод куруп, өндүрүштү толугу менен автоматташтырган. Учурда алардын продукциясы эл аралык рынокко чыгып, балмуздактары Дубайга чейин экспорттолууда. Азыр айрым ишкерлер коңшу мамлекеттердеги 1 пайыздык жеңилдетилген насыялардан жана башка колдоо механизмдеринен пайдаланып, бизнесин ошол жакка көчүрүүгө аргасыз болуп жатышат.

**– Чет өлкөлөрдөн алып келинген асыл тукум уйлар биздин климаттык шарттарга канчалык деңгээлде ыңгайлашып жатат?**

– Беш жыл мурда бир топ фермерлерди уюштуруп, Орусияга тажрыйба алмашуу сапарына алып барганбыз. Ал жактагы заманбап чарбаларды көргөндөн кийин фермерлердин көз карашы өзгөрүп, сүт багытындагы чарбаларды өнүктүрүүгө болгон кызыгуусу күчөдү. Учурда алардын айрымдары Чехиядан жана башка Европа өлкөлөрүнөн асыл тукум уйларды алып келип, ийгиликтүү иштетип жатышат.

Азыркы учурда биз сүт багытындагы чарбаларды өнүктүрүүгө кызыкдар болгон жыйырмадай фермер менен узак мөөнөттүү келишим түзүп, тыгыз иштешип, алардын өндүргөн сүтүн жылдын бардык мезгилинде туруктуу түрдө сатып алып, баасын 40 сомдон төмөн түшүрбөөгө аракет кылып келебиз. Мен облус жетекчилерине дагы ушул маселени көтөрүп келем. Облуска жок дегенде миң баш асыл тукум сүт багытындагы уй алып келүүгө шарт түзүлсө жакшы болмок. Мындай чарбалардын ийгилигин көргөн башка фермерлер дагы сүт өндүрүшүнө кызыгып, бул тармактын өнүгүшүнө жаңы дем берилмек.

**– Элден сүттү чогултуу жана өз убагында кабыл алуу иштери кандай уюштурулат?**

– Бул багытта дагы акыркы жылдары бир топ өзгөрүүлөр болду. Союз мезгилинде айыл ичинде үч-төрт гана кабыл алуу пункту иштеп, эл сүтүн ошол жерлерге өзү алып келип өткөрчү. Биз болсо белгиленген убакытта келип, чогултулган сүттү алып кетчүбүз. Азыр болсо абал таптакыр башкача. Көпчүлүк учурда элдин үйүнө чейин барып, сүттү өзүбүз чогултууга туура келет. Мурда эртең менен ки саат тогуздарга чейин сүттү кабыл алып бүтүп, айылдан чыгып кетчү элек. Азыр болсо айрымдар бир нече кадам басып келип өткөрүүгө да көнбөй калышты. «Сен албасаң башкасы алып кетет» деген түшүнүк пайда болгон. Мунун баары акыр аягында сүттүн сапатына терс таасирин тийгизүүдө.

Бүгүнкү күндө биздин рынокко Орусия менен Беларустан көп көлөмдө сүт азыктары импорттолууда. Ал өлкөлөрдө ири фермалар өнүккөндүктөн өндүрүш көлөмү чоң, өздүк наркы төмөн жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү жогору. Натыйжада алар арзан баадагы продукциялар менен рынокко чыгууда. Эгер Кыргызстанда дагы сүт өндүрүүчүлөргө жана кайра иштетүүчү ишканаларга жетиштүү колдоо көрсөтүлбөсө, жергиликтүү өндүрүшчүлөрдүн атаандаштыкка туруштук берүүсү кыйындайт. Мындай шартта айрым ишканалардын жабылып калуу коркунучу жаралышы мүмкүн. Ошондуктан бул тармакты өнүктүрүү маселеси бир гана ишкерлердин эмес, жалпы өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугуна байланышкан маанилүү маселе болуп саналат.

**– Ишканада кадр маселеси кандай? Жумушчу күчү жетиштүүбү?**

– Бүгүнкү күндө өндүрүш тармагындагы негизги көйгөйлөрдүн бири – кадр жетишсиздиги. Заводдо туруктуу иштей турган кызматкерлерди табуу жана кармап калуу жылдан-жылга кыйындап баратат. Айрыкча жаштар арасында чет өлкөгө чыгып иштөөгө кызыгуу күч болуп жатат. Натыйжада өндүрүш, айыл чарба жана кайра иштетүү тармактарында жумушчу күчүнүн тартыштыгы сезилүүдө. Биздин ишканада көбүнчө 40–50 чакырым алыстыктагы айылдардан келип иштегендер арбын. Жумушчуларга күнүнө орточо үч миң сомдун тегерегинде эмгек акы төлөп жатабыз. Бирок ага карабастан өндүрүштө туруктуу иштөөгө кызыккан адамдардын саны аз. Көпчүлүк жаштар чет өлкөдө көбүрөөк киреше табууга мүмкүнчүлүк бар деп эсептешет.

Эгер айыл чарба жана кайра иштетүү тармагын өнүктүрөбүз десек, кадр маселесине дагы өзгөчө көңүл буруу зарыл. Анткени, заманбап жабдууларды сатып алуу мүмкүн, ал эми тажрыйбалуу жана жоопкерчиликтүү адистерди даярдоо көп убакытты талап кылат. Ишканабызда адистердин кесиптик деңгээлин жогорулатууга өзгөчө көңүл бурулуп, технолог адистердин тажрыйбасын арттыруу үчүн Орусиядагы алдыңкы өндүрүш ишканаларына жана Франциянын Жюра департаментине окууга, тажрыйба алмашууга жиберип турабыз. Буга чейин Япониянын алдыңкы сүт заводдоруна жиберип, адистерибиз ал жактан жакшы тажрыйбага ээ болуп келишкен. Ошол эле учурда өндүрүш тармагында эмгектенген адистердин эмгегин мамлекеттик деңгээлде баалоо зарыл деп эсептейбиз. Өндүрүшчүлөр өлкөнүн экономикасынын өнүгүшүнө олуттуу салым кошуп келишет. Мисален, биздин ишкана акыркы бир жылдын ичинде эле салыктарды жана социалдык төлөмдөрдү кошкондо бюджетке 26 млн сом төлөдү.

"Талас даамы» ишканасынын эмгеги мамлекеттик деңгээлде бир нече ирет жогору бааланган. Ишкана 2004-жылы Талас облусунун 60 жылдык маарекесине карата Президенттин Ардак грамотасы, 2010-жылы «Өнөр жайына эмгек сиңирген ишмер» ардактуу наамына, 2016-жылы да ишканабыз Президенттин Ардак грамотасы менен сыйланган. Бул сыйлыктар ишкананын өлкөнүн азык-түлүк өндүрүшүн өнүктүрүүгө кошкон салымынын жана көп жылдык үзүрлүү эмгегинин натыйжасы болуп саналат.

**Кенже ОСМОНАЛИЕВА**



## ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК КАТТОО БЕЛГИЛЕРИ БАР ТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫН ЛЕГАЛДАШТЫРУУНУ АЯКТОО ЖАНА ЖҮГҮРТҮҮНҮ ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Чет өлкөлүк каттоо белгилери бар транспорт каражаттарын легалдаштыруу процессин аяктоо, алардын укуктук статусун жөнгө салуу, легалдаштыруу үчүн кошумча мүмкүндүк берүү, ошондой эле мыйзамсыз эксплуатациялоонун алдын алуу жана бул маселени биротоло чечүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** Легалдаштыруу жол-жобосунан өтпөгөн (анын ичинде адистештирилген токтотуу жайларында турган) чет өлкөлүк каттоо белгилери бар транспорт каражаттарынын (мындан ары – транспорт каражаттары) ээлерине (айдоочуларына) 2026-жылдын 1-сентябрына чейинки мөөнөттө төмөнкүлөргө укук берилсин:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилеген тартипте легалдаштыруунун кошумча (акыркы) жол-жобосунан өтүүгө;

2) транспорт каражаттарын Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары ташып чыгууну жүзөгө ашырууга;

3) транспорт каражаттарын запастык бөлүктөргө сатууга;

4) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилеген тартипте транспорт каражаттарын утилдештирүүнү жүзөгө ашырууга.

**2.** Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) транспорт каражаттарынын айрым категорияларын легалдаштыруу жол-жобосу 2024-жылдын 31-декабрына чейин Кыргыз Республикасына ташып келинген жана мамлекеттик каттоодон өтпөгөн транспорт каражаттарына гана жайылтылат деп;

2) легалдаштыруунун кошумча жол-жобосу бир жолку, өзгөчө жана акыркы мүнөзгө ээ жана узартылууга тийиш эмес деп;

3) ушул Жарлыктын 1-пунктунда белгиленген мөөнөт өткөндөн кийин транспорт каражаттарын легалдаштырууга жол берилбейт деп;

4) легалдаштыруудан өтпөгөн транспорт каражаттарын Кыргыз Республикасынын аймагында эксплуатациялоого тыюу салынат деп.

**3.** Ээси (айдоочусу) ушул Жарлыктын талаптарын белгиленген мөөнөттө аткарбаган учурда транспорт каражаттары соттун мыйзамдуу күчүнө кирген чечиминин негизинде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилеген тартипте кийин утилдештирүү менен адистештирилген токтотуу жайларына киргизилүүгө тийиш.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

1) ушул Жарлык күчүнө кирген күндөн тартып 30 календардык күндөн кеч эмес мөөнөттө Чет өлкөлүк каттоо белгилери бар транспорт каражаттарын легалдаштыруунун кошумча жол-жобосун алгачкы каттоо үчүн жыйымдын ставкасынын мурда белгиленген өлчөмдөрү жана колдонуу мөөнөттөрү менен жүргүзүү тартибин иштеп чыксын жана бекитсин;

2) Чет өлкөлүк каттоо белгилери бар транспорт каражаттарын утилдештирүүнү жүргүзүү тартибин иштеп чыксын жана бекитсин;

3) ушул Жарлыктан келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**5.** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги:

1) ээси (айдоочусу) кайрылган учурда легалдаштыруудан өтпөгөн транспорт каражаттарын ушул Жарлыкка ылайык андан ары сатуу үчүн милдеттенме менен берүүнү камсыз кылсын;

2) аталган учурлар үчүн транспорт каражаттарын адистештирилген токтотуу жайларында сактоонун жеңилдетилген тарифин бир суткага 50 (элүү) сом өлчөмүндө белгилесин.

**6.** Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматы:

1) транспорт каражаттарын Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары тоскоолдуксуз ташып чыгууну камсыз кылсын;

2) чек ара контролун жүзөгө ашырууда транспорт каражаттарынын Кыргыз Республикасынын аймагына кирүү фактысын мамлекеттик санариптик технологиялык системаларга тиешелүү маалыматтарды киргизүү менен туруктуу негизде белгилөөнү, ошондой эле ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан текшерүү мүмкүндүгүн камсыз кылуу менен ээсине (айдоочусуна) кирүү датасын ырастоочу санарип документти берүүнү камсыз кылсын.

**7.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 31-декабрындагы №398 «Автотранспорт каражаттарын легалдаштыруу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгы күчүн жоготту деп таанылсын.

**8.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**9**. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 3-июну, №197***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА ЖАНА КОММЕРЦИЯ МИНИСТРИН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ӨЗГӨЧӨ ТАПШЫРМАЛАР БОЮНЧА (САНКЦИЯЛЫК САЯСАТ ЖАНА САНКЦИЯЛЫК ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ МИНИМАЛДАШТЫРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА) АТАЙЫН ӨКҮЛҮ КЫЛЫП ДАЙЫНДОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын улуттук экономикалык кызыкчылыктарын коргоо, санкциялык тобокелдиктерди алдын алуу жана минималдаштыруу маселелери боюнча мамлекеттик органдардын ишин координациялоону камсыз кылуу, ошондой эле чет мамлекеттер, эл аралык уюмдар, чет өлкөлүк жөнгө салуучулар, финансылык институттар жана башка өнөктөштөр менен өз ара аракеттенүүдө Кыргыз Республикасынын макулдашылган позициясын иштеп чыгуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын экономика жана коммерция министри Сыдыков Бакыт Толомушевич Кыргыз Республикасынын Президентинин өзгөчө тапшырмалар боюнча (санкциялык саясат жана санкциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу маселелери боюнча) атайын өкүлү болуп айкалыштыруу менен дайындалсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Президентинин өзгөчө тапшырмалар боюнча (санкциялык саясат жана санкциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу маселелери боюнча) атайын өкүлүнө ушул Жарлык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин башка актылары менен аныкталган ыйгарым укуктарды жүктөө менен 2026-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары статусу берилсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Президентинин өзгөчө тапшырмалар боюнча (санкциялык саясат жана санкциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу маселелери боюнча) атайын өкүлүнүн негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

– санкциялык тобокелдиктерди алдын алуу, баалоо жана минималдаштыруу маселелери боюнча мамлекеттик органдардын ишин координациялоо;

– чет мамлекеттер, эл аралык уюмдар, чет өлкөлүк жөнгө салуучулар, дипломатиялык өкүлчүлүктөр, финансылык институттар жана башка өнөктөштөр менен санкциялык чектөөлөр маселелери боюнча өз ара аракеттенүүнү уюштуруу;

– санкциялык саясат, эл аралык чектөө чараларын сактоо, аларды айланып өтүүнү алдын алуу, экинчидеги санкциялардын тобокелдиктерин азайтуу жана Кыргыз Республикасынын улуттук экономикалык кызыкчылыктарын коргоо маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын макулдашылган позициясын билдирүү;

– эл аралык чектөө чараларын сактоо, трансчек аралык эсептешүүлөрдүн туруктуулугу, товарларды, технологияларды, жабдууларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын макулдашылган позициясын иштеп чыгууну камсыз кылуу;

– санкциялык комплаенс, тышкы экономикалык иш, финансылык мониторинг, соода саясаты, инвестициялык кызматташтык жана улуттук экономикалык кызыкчылыктарды коргоо чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты өркүндөтүү боюнча сунуштарды даярдоо жана Кыргыз Республикасынын Президентине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине киргизүү;

– санкциялык режимдердин жана эл аралык чектөө чараларынын Кыргыз Республикасынын экономикасына, анын ичинде финансылык секторго, соодага, логистикага, өнөр жайга, инвестицияларга, экспорттук-импорттук операцияларга жана трансчек аралык эсептешүүлөргө тийгизген таасирине талдоо жүргүзүү;

– санкциялык чакырыктарга мониторинг жүргүзүү, эртелеп алдын алуу жана оперативдүү чара көрүү системасын түзүү жана өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү.

**4.** Кыргыз Республикасынын Президентинин өзгөчө тапшырмалар боюнча (санкциялык саясат жана санкциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу маселелери боюнча) атайын өкүлү төмөнкүлөргө укуктуу деп белгиленсин:

– санкциялык саясат жана санкциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу маселелери боюнча сүйлөшүүлөрдө, консультацияларда жана расмий диалогдо Кыргыз Республикасынын позициясын белгиленген тартипте билдирүүгө;

– жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды, материалдарды, корутундуларды, аналитикалык маалыматтарды жана башка маалыматтарды мамлекеттик органдардан суроого жана алууга;

– кароо жана аткаруу үчүн милдеттүү болгон тапшырмаларды мамлекеттик органдарга берүүгө жана суроо-талаптарды жөнөтүүгө;

– санкциялык саясат жана санкциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу, эл аралык чектөө чараларын сактоо, аларды айланып өтүүнү алдын алуу маселелери боюнча ведомстволор аралык кеңешмелерди, консультацияларды, жумушчу жолугушууларды чакырууга жана өткөрүүгө;

– санкциялык саясат жана санкциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу, эл аралык чектөө чараларын сактоо, аларды айланып өтүүнү алдын алуу маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине жана мамлекеттик органдарга сунуштарды киргизүүгө;

– аналитикалык материалдарды, корутундуларды, сунуштарды жана сунуштамаларды даярдоо үчүн мамлекеттик органдардын, эксперттик коомчулуктун, ишкер бирикмелердин, финансылык уюмдардын, өнүктүрүү институттарынын жана эл аралык өнөктөштөрдүн өкүлдөрүн тартууга;

– Кыргыз Республикасынын Президентинин өзгөчө тапшырмалар боюнча (санкциялык саясат жана санкциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу маселелери боюнча) атайын өкүлүнүн компетенциясына кирген маселелер боюнча ведомстволор аралык жумушчу топторду, эксперттик топторду жана башка жумушчу механизмдерди түзүүнү демилгелөөгө;

– санкциялык тобокелдиктерди алдын алуу жана минималдаштыруу, эл аралык чектөө чараларын сактоо жана аларды айланып өтүүнү алдын алуу маселелери боюнча мамлекеттик органдарга сунуштарды жана сунуштамаларды жөнөтүүгө;

– Кыргыз Республикасынын Президентинин өзгөчө тапшырмалар боюнча (санкциялык саясат жана санкциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу маселелери боюнча) атайын өкүлүнүн тапшырмаларын жана суроо-талаптарын негизсиз создуктурууга, аткарбоого же талаптагыдай эмес аткарууга жол берген кызмат адамдарына карата чараларды көрүү жөнүндө сунуштарды Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине киргизүүгө.

**5.** Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары белгиленген тартипте:

– Кыргыз Республикасынын Президентинин өзгөчө тапшырмалар боюнча (санкциялык саясат жана санкциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу маселелери боюнча) атайын өкүлүнүн тапшырмаларын жана суроо-талаптарын ал белгилеген мөөнөттөрдө аткарсын;

– Кыргыз Республикасынын Президентинин өзгөчө тапшырмалар боюнча (санкциялык саясат жана санкциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу маселелери боюнча) атайын өкүлүнө жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды, материалдарды, корутундуларды, аналитикалык маалыматтарды, сунуштарды жана башка маалыматтарды берсин;

– Кыргыз Республикасынын Президентинин өзгөчө тапшырмалар боюнча (санкциялык саясат жана санкциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу маселелери боюнча) атайын өкүлү тарабынан өткөрүлүүчү кеңешмелерге, консультацияларга, жумушчу топторго, сүйлөшүү процесстерине жана башка иш- чараларга жетекчилердин, жетекчилердин орун басарларынын жана жоопту кызмат адамдарынын катышуусун камсыз кылсын;

– Кыргыз Республикасынын Президентинин өзгөчө тапшырмалар боюнча (санкциялык саясат жана санкциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу маселелери боюнча) атайын өкүлү менен туруктуу өз ара аракеттенүү үчүн жоопту кызмат адамдарын дайындасын;

– Кыргыз Республикасынын Президентинин өзгөчө тапшырмалар боюнча (санкциялык саясат жана санкциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу маселелери боюнча) атайын өкүлү менен санкциялык саясат, эл аралык чектөө чараларын сактоо, аларды айланып өтүүнү алдын алуу жана санкциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу маселелери боюнча позицияларын, материалдарды жана сунуштарды макулдашсын;

– Кыргыз Республикасынын Президентинин өзгөчө тапшырмалар боюнча (санкциялык саясат жана санкциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу маселелери боюнча) атайын өкүлүнүн санкциялык тобокелдиктерди алдын алууга жана минималдаштырууга багытталган сунуштамаларын жана сунуштарын ишке ашыруу боюнча чараларды көрсүн;

– санкция чараларынын колдонулушунун мүмкүндүгүнө, экинчидеги санкциялар тобокелдигине, трансчек аралык эсептешүүлөрдөгү, жеткирүүлөрдөгү, транзиттеги, реэкспорттогу, логистикадагы жана тышкы экономикалык иштеги чектөөлөргө байланыштуу келип чыккан тобокелдиктер, фактылар, жагдайлар жана кайрылуулар жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин өзгөчө тапшырмалар боюнча (санкциялык саясат жана санкциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу маселелери боюнча) атайын өкүлүнө токтоосуз маалымдасын.

**6.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги:

– Кыргыз Республикасынын Президентинин өзгөчө тапшырмалар боюнча (санкциялык саясат жана санкциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу маселелери боюнча) атайын өкүлүн дипломатиялык, протоколдук, маалыматтык, уюштуруучулук жана сүйлөшүүлөрдү коштоо менен камсыз кылсын;

– Кыргыз Республикасынын Президентинин өзгөчө тапшырмалар боюнча (санкциялык саясат жана санкциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу маселелери боюнча) атайын өкүлүнүн тапшырмасы боюнча чет мамлекеттер, эл аралык уюмдар, чет өлкөлүк жөнгө салуучулар, дипломатиялык миссиялар, финансылык институттар жана башка эл аралык өнөктөштөр менен сүйлөшүүлөрдү, консультацияларды жана расмий диалогду уюштурсун;

– Кыргыз Республикасынын Президентинин өзгөчө тапшырмалар боюнча (санкциялык саясат жана санкциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу маселелери боюнча) атайын өкүлүнүн компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча ага чет мамлекеттердин, эл аралык уюмдардын, чет өлкөлүк жөнгө салуучулардын жана башка эл аралык өнөктөштөрдүн позицияларын берсин;

– Кыргыз Республикасынын Президентинин өзгөчө тапшырмалар боюнча (санкциялык саясат жана санкциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу маселелери боюнча) атайын өкүлү менен санкциялык саясат жана санкциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу, эл аралык чектөө чараларын сактоо, аларды айланып өтүүнү алдын алуу маселелери боюнча тышкы саясаттык жана дипломатиялык аракеттерди макулдашсын;

– Кыргыз Республикасынын Президентинин өзгөчө тапшырмалар боюнча (санкциялык саясат жана санкциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу маселелери боюнча) атайын өкүлүнүн ишин тышкы саясаттык, дипломатиялык, протоколдук жана сүйлөшүүлөрдү коштоо менен камсыз кылууга байланышкан анын тапшырмаларын өз убагында аткаруу боюнча толук чараларды көрсүн.

**7.** Кыргыз Республикасынын Президентинин өзгөчө тапшырмалар боюнча (санкциялык саясат жана санкциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу маселелери боюнча) атайын өкүлүнүн кызмат ордун айкалыштырууда эмгек акы төлөө коомдук башталышта (акысыз негизде) жүзөгө ашырылат деп белгиленсин.

**8.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**9.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 3-июну, №198***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭМГЕК, СОЦИАЛДЫК КАМСЫЗДОО ЖАНА МИГРАЦИЯ МИНИСТРЛИГИНИН ВЕДОМСТВОЛУК МЕКЕМЕЛЕРИНИН ИШИНИН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин түзүмдөрүнүн ишин оптималдаштыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 96–98-статьяларына, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу «Көндүмдөрдү өнүктүрүү фонду» мекемеси жоюлсун.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №252 «Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин маселелери жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин башкаруу схемасы ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги:

1) жоюу комиссиясын түзсүн;

2) юстиция органдарында ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн мекемени жоюу жол-жобосун Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык жүргүзсүн;

3) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жоюлуп жаткан мекеменин укук улантуучулук, ошондой эле анын мүлкүн өткөрүп берүү, жоюу иш-чараларын каржылоо, финансылык милдеттенмелерди суммалоо жана калган бюджеттик каражаттарды жарандык жана бюджеттик мыйзамдардын алкагында бөлүштүрүү маселелерин чечсин;

4) мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө мыйзамдарга ылайык мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык реестрин жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктуу органга ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн мекеме тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтарды аталган реестрлерден алып салуу үчүн документтердин пакетин жөнөтсүн;

5) ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**4.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 13-ноябрындагы №550 «Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу «Көндүмдөрдү өнүктүрүү фонду» мекемесин түзүү жөнүндө» токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 17-декабрындагы №318 «Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомунун 5-пункту;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 24-июнундагы №334 «Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу «Социалдык коргоону санариптештирүү борбору» мамлекеттик мекемеси жөнүндө» токтому.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 2-июну, №383***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 4-АВГУСТУНДАГЫ №388 «САЛЫК ЖЕҢИЛДИКТЕРИНИН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУН БААЛОО ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Салык жеңилдиктеринин натыйжалуулугун баалоо боюнча иштерди оптималдаштыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 36-беренесинин 2-бөлүгүнө, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 4-августундагы №388 «Салык жеңилдиктеринин натыйжалуулугун баалоо жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Салык жеңилдиктеринин натыйжалуулугун баалоо тартибинде:

– 8-пунктта:

1-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1) ыйгарым укуктуу салык органы алдын ала баалоо жүргүзөт, анын жыйынтыгы боюнча салыктык укук мамилелерин жөнгө салуу, салык жана бажы саясатын жүргүзүү боюнча функцияларга жана ыйгарым укуктарга ээ болгон ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга (мындан ары – ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган) бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдан алынган ушул Тартиптин 2 же 4-тиркемелеринде көрсөтүлгөн маалыматтарын эске алып, ушул Тартиптин 1, 2 же 3, 4-тиркемелери менен аналитикалык кат киргизет. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга ушул Тартиптин 1 же 3-тиркемелерине ылайык маалымат киргизет;»;

2-пунктчада «жана/же бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын» деген сөздөр алып салынсын;

3-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3) ведомстволор аралык жумушчу топ:

– ушул Тартиптин 6-тиркемесинде көрсөтүлгөн салык жеңилдиктеринин натыйжалуулугун баалоо жүргүзүлүүчү салык жеңилдиктерин аныктайт;

– ыйгарым укуктуу салык органынын алдын ала баалоосунун негизинде жыйынтыктоочу баалоону жүргүзөт.

Ведомстволор аралык жумушчу топ зарыл болгон учурда мамлекеттик органдардан, бизнес-ассоциациялардан жана ишкердик субъекттерден маалыматтарды суратып алуу үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кайрылат.

Ведомстволор аралык жумушчу топ ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга ушул Тартиптин 1, 2 же 3, 4-тиркемелери менен аналитикалык кат киргизет;»;

– жогоруда аталган Тартиптин 6-тиркемеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2026-жылдын 2-июну, №385***

## САНАРИПТИК ТЕХНОЛОГИЯЛЫК СИСТЕМАЛАРДА ЖЕКЕ ДАЙЫНДАРДЫ ИШТЕТҮҮДӨ ЖЕКЕ ДАЙЫНДАРДЫН КОРГОЛУШУНУН БЕЛГИЛЕНГЕН ДЕҢГЭЭЛДЕРИНЕ ЫЛАЙЫК АЛАРДЫ КОРГОО БОЮНЧА ТАЛАПТАРДЫ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Санарип кодексинин 88-беренесинин 3-бөлүгүнө, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Санариптик технологиялык системаларда жеке дайындарды иштетүүдө жеке дайындардын корголушунун белгиленген деңгээлдерине ылайык аларды коргоо боюнча талаптар тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттик алты айлык мөөнөттө ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

**3.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы №760 «Жеке маалыматтарды маалымат тутумдарында иштетүү учурунда аткарылышы жеке маалыматтардын корголушун белгиленген деңгээлде камсыз кылууну, жеке маалыматтардын коопсуздугун камсыз кылууга жана коргоого талаптарды бекитүү жөнүндө» токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 27-сентябрындагы №536 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы №760 «Жеке маалыматтарды маалымат тутумдарында иштетүү учурунда аткарылышы жеке маалыматтардын корголушун белгиленген деңгээлде камсыз кылууну, жеке маалыматтардын коопсуздугун камсыз кылууга жана коргоого талаптарды бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтому.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
